# ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ (IAS) 38 *"МАТЕРИАЛДЫК ЭМЕС АКТИВДЕР"*

## Максаты

1 Ушул стандарттын максаты – башка стандарттарда конкреттүү көрсөтмөлөрү болбогон материалдык эмес активдерди эсепке алуу тартибин аныктоо. Ушул стандарт ишкананын материалдык эмес активди белгилүү бир критерийлерге шайкеш келгенде гана таануусун талап кылат. Ошондой эле стандарт материалдык эмес активдердин балансстык наркын баалоо тартибин белгилейт жана материалдык эмес активдер жөнүндөгү белгилүү бир маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат.

## Колдонуу чөйрөсү

**2 Ушул стандарт төмөнкүлөрдөн тышкары, материалдык эмес активдерди эсепке алууда колдонулат:**

**(a) ФОЭСтин башка стандартынын колдонуу чөйрөсүнө кирген материалдык эмес активдерден;**

**(b) *«Финансылык инструменттер: маалымат берүү»* ФОЭС (IAS) 32де аныкталган маанидеги финансылык активдерден;**

**(c) чалгындоого жана баалоого байланышкан активдерди таануудан жана баалоодон (*«Пайдалуу кендердин запастарын чалгындоо жана баалоо»* ФОЭС (IFRS) 6ны караңыз); жана**

**(d) минералдык ресурстарды, мунайды, жаратылыш газын жана ушундай калыбына келбей турган ресурстарды иштетүү жана өндүрүү боюнча чыгымдар.**

3 Эгер кандайдыр бир башка стандарт материалдык эмес активдердин конкреттүү түрүн эсепке алуу тартибин регламенттесе, ишкана ал стандартты ушул стандарттын ордуна колдонот. Мисалы, ушул стандарт төмөнкүлөргө колдонулбайт:

(a) демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө ишкананын сатууга арналган материалдык эмес активдерине (*"Запастар"* ФОЭС (IAS) 2ни караңыз);

(b) кийинкиге жылдырылган салык активдерине (*«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12ни караңыз);

(c) *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16нын колдонуу чөйрөсүнө кирген ижара келишимдерине;

(d) кызматкерлердин сыйакыларына байланыштуу пайда болгон активдерге (*«Кызматкерлердин сыйакылары»* ФОЭС (IAS) 19ду караңыз);

(e) ФОЭС (IAS) 32де аныкталган маанидеги финансылык активдерге. Айрым финансылык активдерди таануу жана баалоо *«Бириктирилген финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IFRS) 10до, *«Өзүнчө финансылык отчеттуулук»* ФОЭС (IAS) 27де жана *«Ассоциацияланган ишканаларга жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар»* ФОЭС (IAS) 28де каралат;

(f) бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдүн алкагында сатып алынган гудвиллге (*«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3тү караңыз);

(g) кийинкиге жылдырылган сатып алуу чыгымдарына жана *«Камсыздандыруу келишимдери»* ФОЭС (IFRS) 4түн колдонуу чөйрөсүнө кирген камсыздандыруу келишимдери боюнча келишимде негизделген камсыздандыруучунун укугунан пайда болуучу материалдык эмес активдерге. ФОЭС (IFRS) 4 ушундай кийинкиге

© ФОЭС Фонду

жылдырылган сатып алуу чыгымдары жөнүндөгү маалыматты ачып көрсөтүү талаптарын белгилейт, бирок алар көрсөтүлгөн материалдык эмес активдерге кирбейт. Натыйжада ушундай материалдык эмес активдерге карата ушул стандартта аныкталган малыматты ачып көрсөтүү талабы колдонулат;

(h) *«Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк»* ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык сатууга арналган катарында (же сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топко киргизилген) классификацияланган узак мөөнөттүү материалдык эмес активдерге.

(i) *«Сатып алуучулар менен болгон келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15ке ылайык таанылган сатып алуучулар менен болгон келишимдерден пайда болуучу активдерге.

4 Айрым материалдык эмес активдер физикалык алып жүрүүчүдө, мисалы, компакт-дискте (компьютердик программалык камсыздоо учурунда), юридикалык документтерде (лицензия же патент учурунда) же пленкада камтылышы же жайгаштырылышы мүмкүн. Материалдык эмес жана материалдык элементтер катарында камтылган актив «Негизги каражаттар» ФОЭС (IAS) 16га ылайык эске алынаарын же ушул стандартка ылайык материалдык эмес актив катарында эске алынаарын аныктоодо, ишкана элементтердин кайсынысы көбүрөөк маанилүү болуп саналаарын баалоо үчүн кесипкөйлүк ой жүгүртүүнү колдонот. Мисалы, атайын программалык камсыздоосуз иштебеген, компьютердик башкарууга ээ станок үчүн ушул программалык камсыздоо тийиштүү жабдуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана негизги каражаттар үчүн каралган тартипте эске алынат. Компьютердин операциялык системасы жөнүндө дагы ушуну айтууга болот. Эгер программалык камсыздоо ал тийиштүү жабдуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналбаса, анда ал материалдык эмес актив катарында эске алынат.

5 Ушул стандарт мындан тышкары жарнама, окутуу чыгымдарына, баштапкы чыгымдарга, изилдөөгө жана иштеп чыгууга кеткен чыгымдарга карата колдонулат. Изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын максаты болуп жаңы билим алуу саналат. Ошентип, ушул ишмердүүлүк физикалык формага ээ (мисалы, прототип) активди түзүүгө алып келиши мүмкүндүгүнө карабастан, ушул активдин материалдык элементи анын материалдык эмес компонентине, башкача айтканда активдеги камтылган билимге карата экинчи орунда турат.

6 Кинофильмдер, видеожазуулар, пьесалар, кол жазмалар, патенттер жана автордук укуктар сыяктуу объекттерге лицензиялык макулдашуулар боюнча ижарачынын укуктары ушул стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирет жана ФОЭС (IFRS) 16нын колдонуу чөйрөсүнөн алып салынат.

7 Эгер ишмердүүлүк же операция аларды бухгалтердик эсепте чагылдырууда өзгөчө мамилени талап кылышы мүмкүн маселелерге алып келгендей адистештирилсе, кандайдыр бир стандарттын колдонуу чөйрөсүнөн алып салынышы мүмкүн. Мындай маселелер өндүрүү тармактарында мунайды, жаратылыш газын жана минералдык ресурстарды чалгындоого же иштетүүгө жана өндүрүүгө кеткен чыгымдарды эсепке алууда пайда болот, ошондой эле камсыздандыруу келишимдерине колдонулат. Ошондуктан ушул стандарт ушундай ишмердүүлүктү жүргүзүүгө кеткен чыгымдарга жана ушундай келишимдерге колдонулбайт. Бирок, ушул стандарт өндүрүү тармактарында же камсыздандыруу бизнесинде колдонулуучу башка чыгымдарга, материалдык эмес активдерге (компьютердик программалык камсыздоо сыяктуу) жана ушул тармактарда тартылган башка чыгымдарга (баштапкы чыгымдар сыяктуу) колдонулат.

## Аныктамалар

**8 Ушул стандартта көрсөтүлгөн маанидеги төмөнкүдөй терминдер колдонулат:**

***Амортизация*** **– материалдык эмес активдин амортизациялануучу наркын анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүнүн ичинде системалык түрдө бөлүштүрүү.**

***Актив*** **- бул ресурс:**

**(a)** **өткөн окуялардын жыйынтыгында ишкана тарабынан контролдонот; жана**

**(b)** **алардан ишкана келечекте экономикалык пайда алууну көздөйт.**[1]

***Балансттык нарк*** **– бардык топтолгон амортизацияны жана активдин наркынын түшүшүнөн бардык топтолгон зыяндарды алып салгандан кийин финансылык абал жөнүндөгү отчетто ушул актив таанылган сумма.**

***Баштапкы нарк*** **- төлөнгөн акча каражаттарынын же акча каражаттарынын эквиваленттеринин суммасы же актив сатып алынган же курулган учурда аны сатып алуу максатында өткөрүп берилген башка ордун толтуруунун адилет наркы же бул колдонулса, башка ФОЭСтердин, мисалы,** ***«Акцияларга негизделген төлөмдөр»*** **ФОЭС (IFRS) 2нин конкреттүү талаптарына ылайык баштапкы таанууда ушул активге киргизилген сумма.**

***Амортизациялануучу нарк*** **– активдин, анын жоюу наркын алып салгандагы, баштапкы наркы же баштапкы нарктын ордуна колдонулуучу сумма.**

***Иштеп чыгуу*** **– жаңы же түп орду менен жакшыртылган материалдарды, приборлорду, продуктуларды, процесстерди, системаларды же кызмат көрсөтүүлөрдү коммерциялык өндүрүүнүн же пайдалануунун алдында алардын планын же долбоорун иштеп чыгууда изилдөөнүн натыйжаларын же башка билимдерди колдонуу.**

***Ишканага мүнөздүү нарк*** **– ишкана активди пайдаланууну улантуудан жана пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында анын чыгып калышынан алууну же милдеттенмени төлөө учурунда төлөөнү күтүп жаткан акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы.**

***Адилет нарк*** **– баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа. (*****«Адилет нарктты баалоо»*** **ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз).**

***Нарктын түшүшүнөн зыян*** **– активдин балансттык наркы анын орду толтурулуучу наркынан ашкан сумма.**

***Материалдык эмес актив*** **– физикалык формага ээ эмес идентификациялануучу акчалай эмес актив.**

***Акчалай активдер*** **– акча каражаттарынын бекитилген же аныкталган суммалары түрүндө алына турган болгон акча каражаттар жана активдер.**

***Изилдөөлөр*** **– жаңы илимий же техникалык билимдерди жана түшүнүктөрдү алуу максатында жүргүзүлгөн баштапкы жана пландык изилдөө.**

***Материалдык эмес активдин жоюу наркы*** **– эгерде тиешелүү активдин абалы же анын кызмат кылышынын мөөнөтү анын пайдалуу кызмат мөөнөтү аяктагандан кийин күтүлгөндөй болсо, активди жарактан чыгарууга эсептик чыгымдарды алып салгандан кийин аны жарактан чыгаруудан учурда ишкана ала турган эсептик сумма.**

***Пайдалуу кызмат мөөнөтү*** **- бул:**

**(a)** **анын ичинде ишкана колдонууга актив жеткиликтүү болгон убакыт мезгили;**

---

[1] Активдин аныктамасы 2018-жылы чыгарылган «*Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздеринде*» кайра каралгандан кийин активдин аныктамасы ушул стандартта кайра каралган жок.

© ФОЭС Фонду

**(b)** **ишкана активди колдонуудан алууну күтүп жаткан продукциянын бирдиктеринин же ошого окшош бирдиктердин саны**.

### Материалдык эмес активдер

9 Ишканалар ресурстарды көп чыгымдайт же болбосо илимий же техникалык билим, жаңы процесстерди же системаларды долбоорлоо жана киргизүү, лицензиялар, интеллектуалдык менчик, рынок жөнүндө билимдер жана товардык белгилер (анын ичинен фирмалык аталыштар жана басып чыгаруу укугу) сыяктуу материалдык эмес ресурстарды сатып алууда, иштеп чыгууда, тейлөөдө жана жакшыртууда (техникалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүдө) милдеттенмелерди өздөрүнө алат. Ушул жалпы категорияларга кирген беренелердин кеңири мисалдары болуп компьютердик программалык камсыздоо, патенттер, автордук укуктар, кинофильмдер, кардарлардын тизмеси, ипотеканы тейлөө укуктары, балык уулоого лицензиялар, импорттук квоталар, франшизалар, кардарлар же берүүчүлөр менен болгон мамилелер, кардарлардын лоялдуулугу, рыноктун үлүшү жана сатып өткөрүүгө укуктар саналат.

10 9-пунктта баяндалган беренелердин бардыгы эле материалдык эмес активдин аныктамасына, тактап айтканда идентификацияланыш, ресурстарды контролдоо жана келечекте экономикалык пайданын болуу критерийлерине жооп бербейт. Эгер ушул стандарттын колдонуу чөйрөсүнө кирген берене материалдык эмес активдин аныктамасына жооп бербесе, аны сатып алууга же өз күч менен түзүүгө кеткен чыгымдар алар пайда болгондо чыгашалар катарында таанылат. Ошентсе да, эгер берене бизнести бириктирүүдө сатып алынса, ал сатып алуу күнүнө карата таанылган гудвиллдин бөлүгүн түзөт (68-пунктту караңыз).

### Идентификацияланышы

11 Материалдык эмес активдин аныктамасына ылайык мындай актив аны гудвиллден айырмалай тургандай идентификациялануучу болууга тийиш. Бизнести бириктирүүдө таанылган гудвилл болуп жеке идентификациялоого же өзүнчө таанууга болбогон, бизнести бириктирүүдө сатып алынган активдерден алынган келечектеги экономикалык пайданы билдирген актив саналат. Келечектеги экономикалык пайда сатып алынган идентификациялануучу активдердин ортосундагы синергиянын натыйжасында пайда болушу мүмкүн же финансылык отчеттуулукта таануу үчүн өз-өзүнчө критерийлерге жооп бербеген активдерден келип чыгышы мүмкүн.

**12 Актив идентификациялануучу болуп саналат, эгерде ал:**

**(a)** **бөлүнүүчү болуп саналса, б.а. ишканадан ажыратылышы же бөлүнүшү жана сатылышы, өткөрүлүп берилиши, лицензия менен корголушу, ижарага берилиши же ага тийиштүү келишим, идентификациялануучу актив же милдеттенме менен жеке же чогуу алмаштырылышы мүмкүн, ишкана ушундай кылууга ниеттенген/ниеттенбегендигине карабастан; же**

**(b)** **келишимдик же башка юридикалык укуктардын натыйжасы болуп саналат, ушул укуктарды ишканага өткөрүп берүүгө же андан же башка укуктардан жана милдеттенмелерден ажыратууга болор/болбосуна карабастан.**

#### Контроль

13 Эгер ишкана активдин негизинде жаткан ресурстан келип чыгуучу келечекте экономикалык пайда алуу укугуна, ошондой эле башка адамдардын ушул пайдага жетүүсүн чектөө укугуна ээ болсо, активди контролдойт. Ишкананын материалдык эмес активден келечекте экономикалык пайда алууну контролдоо жөндөмү көбүнчө соттук тартипте ишке ашырылышы мүмкүн юридикалык укуктардан келип чыгат. Юридикалык укуктар жок болсо, контролдун болушун көрсөтүү татаал. Ошентсе да соттук тартипте укуктарды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү контролдун милдеттүү шарты болуп саналбайт,

анткени ишкана келечектеги экономикалык пайданы кандайдыр бир башка жол менен контролдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн.

14 Рыноктук жана техникалык билим келечекте экономикалык пайда алууга алып келиши мүмкүн. Эгер, мисалы, билим автордук укук сыяктуу юридикалык укуктар менен, соода келишиминдеги чектөө менен (эгер буга уруксат берилсе) жана кызматкерлердин купуялыкты сактоонун укуктук милдети менен корголсо, ишкана ушул пайдаларды контролдойт.

15 Ишканада квалификациялуу адистердин курамы болушу мүмкүн же окутуунун натыйжасында алынган, келечекте экономикалык пайданын болушуна алып келген персоналдын кошумча көндүмдөрүн аныктай алышы мүмкүн. Ошондой эле ишкана персонал өзүнүн көндүмдөрүн (билгичтигин) ишкананын пайдасы үчүн колдонот деп күтүшү мүмкүн. Бирок, адатта ишкана ушул беренелер материалдык эмес активдин аныктамасына жооп бериши үчүн квалификациялуу адистердин болушунун жана аларды окутуунун натыйжасында күтүлүүчү келечекте экономикалык пайданы жетиштүү контролдой албайт. Ушул эле себеп менен өзгөчө башкаруучулук же техникалык талант материалдык эмес активдин аныктамасына жооп бериши күмөн, эгер ишканада аны пайдаланууга жана андан күтүлгөн келечекте экономикалык пайда алууга юридикалык укугу болгон жана ошол эле учурда ал тийиштүү аныктаманын бардык башка аспекттерин канааттандырган учурлардан тышкары.

16 Айрым учурларда ишкана белгилүү бир кардарлар базасына же рынок үлүшүнө ээ болсо жана кардарлар менен мамиле түзүү жана алардын лоялдуулугун колдоо боюнча жасалган күч-аракеттердин натыйжасында кардарлар ишкана менен болгон коммерциялык операцияларды жүргүзүүнү улантат. Ошентсе да, кардарлар менен болгон мамилени же алардын ишканага болгон лоялдуулугун коргоого же башка контролдоо формаларына юридикалык укуктар жок болсо, ишкана, эрежедегидей, мындай беренелер (мисалы, кардарлар базасы, рыноктун үлүшү, кардарлар менен болгон мамиле жана кардарлардын лоялдуулугу) материалдык эмес активдин аныктамасына жооп бериши үчүн кардарлар менен кызматташуудан жана алардын лоялдуулугунан күтүлүүчү экономикалык пайданы жетиштүү контролдой албайт. Кардарлар менен болгон мамилени коргоого юридикалык укуктар жок болсо, ошол эле же ушундай, бирок кардарлар менен болгон мамиле келишимде негизделбеген алмашуу операцияларынын болушу (бизнести бириктирүү боюнча бүтүмдүн алкагында алмашуудан тышкары) ишкананын кардарлар менен болгон мамилесинен келип чыгуучу келечектеги экономикалык пайданы контролдоого дагы да болсо жөндөмдүү экендигинин далили болуп саналат. Ушундай алмашуу операциялары кардарлар менен болгон мамиле бөлүнүүчү болуп саналгандыгына далил болгондуктан, ушул кардарлар менен болгон мамиле материалдык эмес активдин аныктамасына жооп берет.

### Келечектеги экономикалык пайда

17 Материалдык эмес активден келип чыгуучу келечектеги экономикалык пайдага продуктуларды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн киреше, чыгымдарды азайтуу же ишкананын активди пайдалануусунан пайда болуучу башка пайдалар кириши мүмкүн. Мисалы, өндүрүш процессинде интеллектуалдык менчикти пайдалануу келечекте түшүүчү кирешени көбөйтүүгө эмес, келечекте өндүрүштүк чыгымдарды кыскартууга көмөк көрсөтөт.

## Таануу жана баалоо

18 Беренени материалдык эмес актив катарында таануу үчүн ишкана ушул берене төмөнкүлөргө жооп берээрин көрсөтүшү керек:

(a) материалдык эмес активдин аныктамасына (8 – 17-пункттарды караңыз);

(b) таануу критерийлерине (21 – 23-пункттарды караңыз).

Ушул талап материалдык эмес активди сатып алууга же аны өз күч менен жаратууга кеткен алгачкы чыгымдарга жана аны өркүндөтүүгө, бөлүгүн алмаштырууга же тейлөөгө кеткен андан кийинки чыгымдарга колдонулат.

19 25-32-пункттарда өзүнчө сатып алынган материалдык эмес активдерге карата таануу критерийлерин колдонууну, ал эми 33-43-пункттарда ушул критерийлерди бизнести бириктирүүдө сатып алынган материалдык эмес активдерге карата колдонууну карайт. 44-пункт мамлекеттик субсидиянын жардамы менен сатып алынган материалдык эмес активдерди алгачкы баалоо тартибин белгилейт, 45-47-пункттар материалдык эмес активдерди алмашуу операцияларын, ал эми 48-50-пункттар ички түзүлгөн гудвиллди эсепке алуу тартибин карайт. 51 – 67-пункттарда ишкананын өзү тарабынан түзүлгөн материалдык эмес активдерди баштапкы таануу жана баалоо принциптери баяндалган.

20 Материалдык эмес активдердин табияты ушундай, көп учурларда ушундай активдерди өркүндөтүү же анын бөлүгүн алмаштыруу жүргүзүлбөйт. Натыйжада кийинки чыгымдардын көпчүлүгү болгон материалдык эмес активде камтылган күтүлүүчү келечектеги экономикалык пайданы камсыздайт, бирок материалдык эмес активдин аныктамасын жана ушул стандартта белгиленген таануу критерийлерин канааттандырбайт. Андан тышкары көбүнчө кийинки чыгымдарды бүтүндөй бизнеске эмес, түздөн-түз конкреттүү материалдык эмес активге киргизүү кыйынчылыкты туудурат. Ошентип кээде гана кийинки чыгымдар – сатып алынган материалдык эмес активди баштапкы таануудан кийин же материалдык эмес активди өз алдынча жаратуу аяктагандан кийин кеткен чыгымдар – активдин баланстык наркынын курамында таанылат. 63-пунктка ылайык соода маркаларына, титулдук маалыматтарга, басып чыгаруу укуктарына, кардарлардын тизмесине жана ушундай маанидеги беренелерге кеткен кийинки чыгымдар (алар сатып алынганына же өз алдынча түзүлгөнүнө карабастан) өзүнүн пайда болуусуна карата дайыма пайданын же зыяндын курамында таанылат. Бул мындай чыгымдарды бүтүндөй бизнести өнүктүрүүгө кеткен чыгымдардан айырмалоо мүмкүн эместигине байланышкан.

**21 Материалдык эмес актив төмөнкүдөй учурда гана таанылууга тийиш:**

**(a) ишкананын активден келип чыккан күтүлүүчү келечектеги экономикалык пайда алуу ыктымалдыгы болгондо;**

**(b) активдин баштапкы наркын ишенимдүү баалоого болсо.**

**22 Ишкана активди пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде боло турган экономикалык шарттардын жыйындысына карата жетекчиликтин эң мыкты эсептик баалоосун өзүнө камтыган туура жана негизделген божомолдорду колдонуу менен күтүлүүчү келечектеги экономикалык пайда алуу ыктымалдыгын баалашы керек.**

23 Ишкана тышкы булактардан алынган малыматтарга көп көңүл буруу менен баштапкы таанууда болгон маалыматтардын негизинде активди пайдалануудан алынган келечектеги экономикалык пайданын агымына тийиштүү айкын эместик баскычын баалоо үчүн кесипкөйлүк ой жүгүртүүнү колдонот.

**24 Материалдык эмес актив адегенде баштапкы наркы боюнча бааланат.**

## Өзүнчө сатып алуу

25 Адатта материалдык эмес активди өзүнчө сатып алууда ишкана төлөгөн баа келечекте ишкананын ушул активде камтылган келечекте экономикалык пайда алуу ыктымалдыгына карата күтүүлөрдү чагылдырат. Башкача айтканда ишкана, ушундай кирүүнүн мөөнөтү жана көлөмү айкын эмес болсо дагы, экономикалык пайданын болушун күтөт. Ошентип, өзүнчө сатып алынган материалдык эмес активге колдонулган, 21(а)-пунктунда аталган ыктымалдыктын жогорулугу менен байланышкан таануу критерийлери дайыма аткарылды деп саналат.

© ФОЭС Фонду

26 Андан тышкары, өзүнчө сатып алынган материалдык эмес активдин баштапкы наркын, эрежедегидей, ишенимдүү баалоого болот. Бул айрыкча сатып алгандыгы үчүн сыйакынын суммасы акча каражаттары же башка акчалай активдер формасына ээ болгон учурларда туура болот.

27 Өзүнчө сатып алынган материалдык эмес активдин баштапкы наркы төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт:

(a) материалдык эмес активди сатып алуу баасын, импорттук алымдарды жана соода арзандатууларын жана бааны төмөндөтүүлөрдү алып салгандан кийин сатып алууга орду толтурулбай турган салыктарды кошкондо; жана

(b) активди багыты боюнча пайдаланууга даярдоого түздөн-түз тийиштүү бардык чыгымдар.

28 Тикелей чыгымдардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) активди жумушчу абалга келтирүүгө түздөн-түз тиешеси бар кызматкерлердин сыйакылары (ФОЭС (IAS) 19да аныкталган мааниде) менен байланышкан чыгымдар;

(b) активди жумушчу абалга келтирүүгө түздөн-түз тиешеси бар кесиптик кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга чыгымдар; жана

(c) активдин тийиштүү иштешин текшерүүгө чыгымдар.

29 Материалдык эмес активдин баштапкы наркынын курамына киргизилбеген чыгымдардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) жаңы продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өздөштүрүүгө байланышкан чыгымдар (жарнамага жана аларды алга илгерилетүү боюнча иш-чараларды өткөрүүгө кеткен чыгымдарды кошкондо);

(b) жаңы жерде же кардарлардын жаңы категориясы менен коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө байланышкан чыгымдар (персоналды окутууга кеткен чыгымдарды кошкондо); жана

(c) административдик жана башка жалпы кошумча чыгымдар.

30 Материалдык эмес активдин баланстык наркынын курамында чыгымдарды таануу жетекчиликтин ниетине ылайык активди пайдалануу үчүн ал жарактуу абалга келтирилгенден кийин токтотулат. Натыйжада материалдык эмес активди пайдаланууга же көчүрүүгө кеткен чыгымдар ушул активдин баланстык наркынын курамына киргизилбейт. Мисалы, төмөнкүдөй чыгымдар материалдык эмес активдин баланстык наркынын курамына киргизилбейт:

(a) жетекчиликтин ниетине ылайык пайдаланууга жарактуу актив эксплуатациялоого киргизиле элек убакта кеткен чыгымдар; жана

(b) баштапкы операциялык зыяндар, мисалы, ушул актив өндүргөн жыйынтыкка суроо-талап түзүлгөн мезгилде тартылган зыяндар.

31 Айрым операциялар материалдык эмес активди иштетүүгө байланыштуу жүрөт, бирок жетекчиликтин ниетине ылайык ушул активди пайдалануу үчүн аны жарактуу абалга келтирүүгө милдеттүү болуп саналбайт. Ушул милдеттүү эмес операциялар иштетүүгө чейин жана иштетүү убагында болушу мүмкүн. Милдеттүү эмес операциялар жетекчиликтин ниетине ылайык активди пайдалануу үчүн аны жарактуу абалга келтирүүгө зарыл болуп саналбагандыктан, милдеттүү эмес операциялар боюнча кирешелер жана чыгашалар алар пайда болгондо дароо эле пайданын же зыяндын курамында таанылышы жана кирешелер менен чыгашалардын тийиштүү категорияларына киргизилиши керек.

© ФОЭС Фонду

32 Эгер материалдык активге төлөө мөөнөтүн жылдыруу кадимки кредиттөө шарттарынын алкагынан чыгып кетсе, ушундай активдин баштапкы наркы акча каражаттары менен токтоосуз төлөнгөн шартта баанын эквивалентине барабар болот. Ушул сумма менен төлөмдөрдүн жалпы суммасынын ортосундагы айырма бардык кредиттөө мөөнөтүнүн ичинде пайыздык чыгашалар катарында таанылат, ал *«Зайымдар боюнча чыгымдар»* ФОЭС (IAS) 23тө каралган капиталдаштыруу тартибине ылайык капиталдаштырылган учурлардан тышкары.

## Бизнести бириктирүү алкагында сатып алуу

33 *«Бизнести бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3кө ылайык, эгер материалдык эмес актив бизнестерди бириктирүүдө сатып алынса, ушул материалдык эмес активдин баштапкы наркы сатып алуу күнүнө карата анын адилет наркына барабар болот. Материалдык эмес активдин адилет наркы ишкананын активде камтылган келечекте экономикалык пайда алуу ыктымалдыгына карата сатып алуу күнүнө рыноктун катышуучуларынын күтүүлөрүн чагылдырат. Башкача айтканда ишкана, ушундай экономикалык пайда алуу мөөнөтү жана суммасы айкын эмес болсо дагы, экономикалык пайда алууну күтөт. Натыйжада бизнести бириктирүүдө сатып алынган материалдык эмес активдерге колдонулган, 21(а)-пунктунда аталган ыктымалдыктын жогорулугу менен байланышкан таануу критерийлери дайыма аткарылды деп саналат. Эгер бизнести бириктирүүдө сатып алынган актив бөлүнүүчү болуп саналса же болбосо келишимдик же башка юридикалык укуктардын жыйынтыгы болуп саналса, анда активдин адилет наркын ишенимдүү баалоо үчүн болгон маалымат жетиштүү. Натыйжада бизнести бириктирүүдө сатып алынган материалдык эмес активдерге колдонулган, 21(b)-пунктунда аталган ишенимдүү баалоого байланышкан таануу критерийлери дайыма аткарылды деп саналат.

34 Натыйжада ушул стандартка жана ФОЭС (IFRS) 3кө (2008-жылы кайра каралган) ылайык сатып алуу күнүнө карата сатып алуучу сатып алуучу ишкананын материалдык эмес активин, ушул актив бизнес бириктирилгенге чейин сатып алуучу ишкана тарабынан таанылганына карабастан, гудвиллден өзүнчө тааныйт. Бул сатып алуучунун гудвиллден өзүнчө актив катарында сатып алуучу ишкананын изилдөөлөрүнүн жана иштеп чыгууларынын бүткөрүлбөгөн долбоорун тааныгандыгын билдирет, эгер ушул долбоор материалдык эмес активдин аныктамасына жооп берсе. Сатып алуучу ишкананын изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча бүткөрүлбөгөн долбоору материалдык эмес активдин аныктамасына жооп берет, эгер ал:

(a) активдин аныктамасына жооп берсе; жана

(b) идентификацияланууучу болуп саналса, б.а. бөлүнүүчү болуп саналса же болбосо келишимдик же башка юридикалык укуктардан пайда болсо.

## Бизнестерди бириктирүүдө сатып алынган материалдык эмес актив

35 Эгер бизнести бириктирүүдө сатып алынган материалдык эмес актив бөлүнүүчү болуп саналса же болбосо келишимдик же башка юридикалык укуктардын жыйынтыгы болуп саналса, анда активдин адилет наркын ишенимдүү баалоо үчүн болгон маалымат жетиштүү. Анда материалдык эмес активдин адилет наркын баалоо үчүн колдонулган эсептик баалоолорго карата болушу мүмкүн түрдүү коэффициенттери менен мүмкүн болгон бир катар натыйжалар бар, мындан тышкары бул айкын эместик адилет наркты баалоодо эске алынуучу фактор болуп саналат.

36 Бизнестерди бириктирүүдө сатып алынган материалдык эмес актив бөлүнүүчү болушу мүмкүн, бирок тийиштүү келишим, идентификацияланууучу актив же милдеттенме менен биргеликте гана. Мындай учурларда сатып алуучу материалдык эмес активди гудвиллден өзүнчө, бирок талап кылынган берене менен бирдикте тааныйт.

37 Сатып алуучу бири бирин толуктоочу материалдык эмес активдердин тобун, топтогу өзүнчө активдер бирдей пайдалуу кызмат мөөнөтүнө ээ болгон шартта, бирдиктүү актив катарында тааныш мүмкүн. Мисалы, «соода маркасы» жана «фирмалык аталышы» деген

терминдер товардык белгилердин жана башка белгилердин синоними катарында көп колдонулат. Ошентсе да, биринчиси адатта соода белгиси (же тейлөө белгиси) жана аны менен байланышкан соода аталышы, формулалар, рецепттер жана эксперттик билим сыяктуу бири бирин толуктоочу активдердин тобуна карата колдонулуучу жалпы маркетингдик терминдерди өзүнө камтыйт.

38–41 [Алып салынган]

## Изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын сатып алынган бүткөрүлбөгөн долбооруна карата кийинки чыгымдар

**42 Изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга кеткен чыгымдар:**

**(a) өзүнчө же бизнестерди бириктирүүдө сатып алынган жана материалдык эмес актив катарында таанылган изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын бүткөрүлбөгөн долбооруна кирет; жана**

**(b) ушундай долбоорду сатып алгандан кийин пайда болот, 54-62-пункттарга ылайык эсепке алууда көрсөтүлүшү керек.**

**54-62-пункттарга ылайык эсепке алууда көрсөтүлүшү керек.**

43 54-62-пункттардын талаптарын колдонуу өзүнчө же бизнестерди бириктирүүдө сатып алынган жана материалдык эмес актив катарында таанылган изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын аяктабаган долбоору боюнча кийинки чыгымдарды төмөнкүдөй билдирет:

(a) эгер бул изилдөөгө кеткен чыгымдар болсо, пайда болгон учурда чыгашалар катарында таанылаарын;

(b) эгер бул 57-пунктта белгиленген материалдык эмес актив катарында таануу критерийлерин канааттандырбаган иштеп чыгууга кеткен чыгымдар болсо, пайда болгон учурда чыгашалар катарында таанылаарын; жана

(c) эгер бул 57-пунктта белгиленген таануу критерийлерин канааттандырган иштеп чыгуу чыгымдары болсо, изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын сатып алынган аяктабаган долбоорунун балансттык наркын көбөйтөөрүн.

### Мамлекеттик субсидиянын жардамы менен сатып алуу

44 Айрым учурларда материалдык эмес актив, эгер мамлекеттик субсидиянын жардамы менен алынса, акысыз же номиналдуу ордун толтурууга алынышы мүмкүн. Бул аэропортко конуу укугу, радио жана теле берүүгө лицензиялар, импорттук лицензиялар же квоталар же башка чектелген ресурстарга жетүү укугу сыяктуу материалдык эмес активдерди мамлекет ишканага өткөрүп берген же бөлүп берген учурларга таандык. *«Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу жана мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»* ФОЭС (IAS) 20га ылайык ишкана материалдык эмес активди дагы жана субсидияны дагы алардын адилет наркы боюнча баштапкы таанууга укуктуу. Эгер ишкана активди адилет наркы боюнча баштапкы таанууну жүргүзбөө чечимин кабыл алса, анда ишкана мындай активди номиналдуу наркы боюнча (ФОЭС (IAS) 20да уруксат берилген эсепке алуунун альтернативдүү тартиби) плюс активди багыты боюнча колдонууга даярдоого түздөн-түз тийиштүү бардык чыгымдарды баштапкы таанып.

## Активдерди алмаштыруу

45 Бир же андан ашык материалдык эмес актив акчалай эмес активге же активдерге же болбосо акчалай жана акчалай эмес активдердин кандайдыр бир айкалышына алмаштыруу аркылуу сатып алынышы мүмкүн. Төмөндө келтирилген пикирлер бир акчалай эмес активди башкасына жөнөкөй алмаштырууга кирет, бирок алар мурдагы сүйлөмдө баяндалган бардык алмаштырууларга дагы колдонулат. Мындай материалдык эмес

активдин баштапкы наркы адилет нарк боюнча бааланат, төмөнкү учурлардан тышкары: (a) алмаштыруу операциясы коммерциялык маанисин жоготкон же (b) алмаштырууга алынган дагы, берилген дагы активдин адилет наркы ишенимдүү бааланбашы мүмкүн. Сатып алынуучу актив ишкана берилген активди таанууну тез арада токтото албаган ыкма менен бааланат. Эгер сатып алынуучу актив адилет нарк боюнча бааланбаса, анда анын наркы берилген активдин баланстык наркы боюнча бааланат.

46 Ишкана келечектеги акча каражаттарынын агымдары, күтүлгөндөй, операциянын жыйынтыгында канчалык өзгөрүлөөрүн эске алуу менен, алмаштыруу операциясы коммерциялык өлчөмгө ээ/ээ эместигин аныктайт. Алмаштыруу операциясы коммерциялык өлчөмгө ээ болот, эгер:

(a) алынган активге тийиштүү акча каражаттарынын агымдарынын түзүмү (б.а. тобокелдик, убакытка бөлүштүрүү жана көлөм) алмаштырууга берилген активге тийиштүү акча каражаттарынын агымдарынын түзүмүнөн айырмаланып турса; же

(b) алмаштыруунун натыйжасында ушул операция таасир берген ишканага тиешелүү анын ишмердүүлүгүнүн ошол бөлүгүнүн наркы өзгөрсө; жана

(c) алмаштырылган активдердин адилет наркына салыштырмалуу (a) же (b)дагы айырма олуттуу болсо.

Алмашуу операциясы таасир берген ишкананын ишмердүүлүгүнүн бир бөлүгүнүн наркына мүнөздүү алмашуу операциясы коммерциялык өлчөмгө ээ/ээ эместигин аныктоо максаты үчүн салыктар алып салынгандан кийинки акча каражаттарынын агымдарын чагылдырууга тийиш. Бул талдоонун жыйынтыгы ишкана толук эсептөөлөрдү жүргүзбөсө деле белгилүү.

47 21 (b)-пунктуна ылайык материалдык эмес активди таануу шарты болуп анын баштапкы наркын ишенимдүү баалоо мүмкүнчүлүгү саналат. Материалдык эмес активдин адилет наркын ишенимдүү баалоого болот, эгер (a) тийиштүү диапазондо адилет наркты негиздүү баалоо ушул актив үчүн маанилүү эмес чекте айырмаланса же (b) аталган диапазондо түрдүү эсептик баалоолордун болушу мүмкүн коэффициенттерин негиздүү баалоого болсо жана адилет наркты баалоодо колдонууга болсо. Эгер ишкана адилет наркты алмаштырууга алынган актив катарында дагы жана берилген актив катарында дагы ишенимдүү аныктай ала турган абалда болсо, анда берилген активдин адилет наркы баштапкы наркты баалоо үчүн негиз катарында колдонулат, алынган активдин адилет наркы көбүрөөк ачык көрсөтүлгөн учурлардан тышкары.

## Ишкананын ичинде түзүлгөн гудвилл

**48 Ишкананын ичинде түзүлгөн гудвилл актив катарында таанылбайт.**

49 Айрым учурларда чыгымдар келечекте экономикалык пайда жаратуу максатында жүргүзүлөт, бирок алар ушул стандартта белгиленген таануу критерийлерин канааттандыруучу материалдык эмес активди жаратууга алып келбейт. Мындай чыгымдар көбүнчө ички гудвиллди түзүүгө көмөктөшкөн чыгымдар деп аталат. Ички түзүлгөн гудвилл актив катарында таанылбайт, анткени ал ишкана тарабынан контролдонгон идентификациялануучу ресурс болуп саналбайт (б.а. бөлүнүүчү болуп саналбайт жана келишимдик же башка юридикалык укуктардан пайда болбойт) жана баштапкы нарк боюнча ишенимдүү бааланышы мүмкүн.

50 Ишкананын адилет наркы менен анын идентификацияланууучу таза активдеринин баланстык наркынын ортосундагы айырма каалаган убакта ишкананын адилет наркына таасир берүүчү факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн. Ошентсе да мындай айырмалар ишкана тарабынан контролдонуучу материалдык эмес активдердин баштапкы наркын билдирбейт.

### Ишкана өзү жараткан материалдык эмес активдер

© ФОЭС Фонду

51 Өз алдынча жаратылган материалдык эмес актив төмөнкүлөргө байланыштуу таануу критерийлерин канааттандырабы же жокпу, кээде баалоо кыйын:

(a) күтүлүүчү келечектеги экономикалык пайданы жарата турган идентификациялануучу активдин болушун жана пайда болуу учурун аныктоого; жана

(b) активдин баштапкы наркын ишенимдүү аныктоого. Айрым учурларда ишкананын өзү тарабынан материалдык эмес активди жаратууга кеткен чыгымдарды ишкананын ички түзүлгөн гудвиллин колдоого же өркүндөтүүгө же болбосо күнүмдүк ишмердүүлүктү жүргүзүүгө кеткен чыгымдардан айырмалоо мүмкүн эмес.

Натыйжада, материалдык эмес активди таанууга жана баштапкы баалоого коюлган жалпы талаптарды сактоодон тышкары, ишкана өзү тарабынан жаратылган бардык материалдык эмес активдерге карата 52-67-пункттардын талаптарын жана көрсөтмөлөрүн колдонот.

52 Өз алдынча жаратылган материалдык эмес актив таануу критерийлерин канааттандыраар/канааттандырбасын баалоо үчүн ишкана активди жаратуу процессин эки баскычка бөлөт:

(a) изилдөө баскычына;

(b) иштеп чыгуу баскычына.

«Изилдөөлөр» жана «иштеп чыгуулар» деген терминдердин аныктамаларынын болушуна карабастан, «изилдөө баскычы» жана «иштеп чыгуу баскычы» деген терминдер ушул стандарттын контекстинде кыйла кеңири мааниге ээ.

53 Эгер ишкана материалдык эмес активди жаратууга багытталган ички долбоордун алкагында изилдөө баскычын иштеп чыгуу баскычынан ажырата албаса, ишкана мындай долбоорго кеткен чыгымдарды алар изилдөө баскычында гана кеткендей кылып эске алат.

### Изилдөө баскычы

**54 Изилдөөнүн (же ички долбоордун алкагында изилдөө баскычын ишке ашыруунун) жыйынтыгы болуп саналган бир дагы материалдык эмес актив таанылбайт. Изилдөөлөргө (же ички долбоордун алкагында изилдөө баскычын ишке ашырууга) кеткен чыгымдар алар пайда болгон учурда чыгашалар катарында таанылууга тийиш.**

55 Ички долбоордун алкагындагы изилдөөлөр баскычында ишкана болушу ыктымал келечектеги экономикалык пайданы жарата турган материалдык эмес активдин болушун көрсөтө албайт. Натыйжада тийиштүү чыгымдар алар пайда болгон учурда чыгашалар катарында таанылат.

56 Изилдөө ишмердүүлүгүнүн мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) жаңы билим алууга багытталган ишмердүүлүк;

(b) изилдөөлөрдүн жыйынтыгын же башка билимдерди колдонуу тармактарын издөө, баалоо жана акыркы тандоо;

(c) альтернативдүү материалдарды, түзүлүштөрдү, продуктуларды, процесстерди, системаларды же кызмат көрсөтүүлөрдү издөө; жана

(d) мүмкүн болгон альтернативдерди жаңы же жакшыртылган материалдарга, түзүлүштөргө, продуктуларга, процесстерге, системаларга же кызмат көрсөтүүлөргө түзүү, долбоорлоо, баалоо жана акыркы тандоо.

## Иштеп чыгуу баскычы

57 **Иштеп чыгуунун (же ички долбоордун алкагында иштеп чыгуу баскычын ишке ашыруунун) жыйынтыгы болуп саналган материалдык эмес актив ишкана төмөндө саналып өткөндөрдүн бардыгын көрсөтө алганда гана таанылышы керек:**

**(a)** **материалдык эмес активди колдонууга же сатууга болгондой кылып аны жаратууну аяктоонун техникалык мүмкүндүгүн.**

**(b)** **материалдык эмес активди жаратууну аяктоо жана аны колдонуу же сатуу ниетин.**

**(c)** **материалдык эмес активди колдонуу же сатуу жөндөмдүүлүгүн.**

**(d)** **материалдык эмес актив болушу ыктымал келечектеги экономикалык пайданы кантип жаратаарын. Андан тышкары ишкана материалдык эмес активдин продукциясы же материалдык эмес активдин өзү үчүн рыноктун болушун же болбосо, эгер ушул активди ички максаттар үчүн колдонуу болжолдонсо, ушундай материалдык эмес активдин пайдалуулугун көрсөтө алат.**

**(e)** **материалдык эмес активди иштеп чыгууну аяктоо, колдонуу же сатуу үчүн жетиштүү техникалык, финансылык жана башка ресурстардын болушун.**

**(f)** **материалдык эмес активди иштеп чыгуу процессинде ага тийиштүү чыгымдарды ишенимдүү баалоо жөндөмдүүлүгүн.**

58 Айрым учурларда ишкана ички долбоордун алкагында иштеп чыгуу баскычында материалдык эмес активди идентификациялай алат жана ушул актив болушу ыктымал келечектеги экономикалык пайданы жаратаарын көрсөтө алат. Бул долбоорду иштеп чыгуу баскычы изилдөө баскычына караганда бир кыйла өнүккөндүгүндө турат.

59 Иштеп чыгуу боюнча иштин мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) өндүрүү же пайдалануу башталардын алдында прототиптерди жана үлгүлөрдү долбоорлоо, конструкциялоо жана тестирлөө;

(b) жаңы технологияны болжолдогон инструменттерди, шаблондорду, формаларды жана штамптарды долбоорлоо;

(c) коммерциялык өндүрүш үчүн масштабы экономикалык максаттуу болуп саналбаган тажрыйбалуу орнотмолорду долбоорлоо, куруу жана эксплуатациялоо;

(d) тандалган альтернативдерди жаңы же жакшыртылган материалдарга, түзүлүштөргө, продуктуларга, процесстерге, системаларга же кызмат көрсөтүүлөргө долбоорлоо, конструкциялоо жана тестирлөө.

60 Материалдык эмес актив болушу ыктымал келечектеги экономикалык пайданы кантип жаратаарын көрсөтүү үчүн ишкана *«Активдердин наркынын түшүүшү»* ФОЭС (IAS) 36нын принциптерин колдонуу менен активден алына турган келечектеги экономикалык пайданы баалайт. Эгер актив башка активдер менен айкалышканда гана экономикалык пайданы жаратса, ишкана акча каражаттарын топтогон бирдиктер бөлүгүндө ФОЭС (IAS) 36нын концепциясын колдонот.

61 Материалдык эмес активден пайда жаратууну, колдонууну жана алууну аяктоо үчүн ресурстардын болушу, мисалы, талап кылынган техникалык, финансылык жана башка ресурстарды жана ишкананын ушул ресурстарды камсыздоо жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүчү бизнес-пландын болушу менен көрсөтүлүшү мүмкүн. Айрым учурларда ишкана бизнес-планда каралган ишмердүүлүктү каржылоого даярдыгы жөнүндө кредитордун ырастоосун алгандан кийин тышкы каржылоону колдонуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт.

62 Ишкана тарабынан колдонулуучу чыгымдарды калькуляциялоо системалары көбүнчө эмгек акы жана автордук укуктарды же лицензияларды алууда же компьютердик программаларды иштеп чыгууда кеткен башка чыгымдар сыяктуу материалдык эмес активди өз күчү менен жаратуу чыгымдарын ишенимдүү баалоону камсыздайт.

**63 Соода маркалары, титулдук маалыматтар, басып чыгаруу укуктары, кардарлардын тизмеси жана маңызы боюнча ушундай, ишкана өзү түзгөн беренелер материалдык эмес активдер катарында таанылбайт.**

64 Соода маркаларына, титулдук маалыматтарга, басып чыгаруу укуктарына, кардарлардын тизмесине жана маңызы боюнча ушундай, ишкана өзү түзгөн беренелерге кеткен чыгымдарды бүтүндөй бизнести өнүктүрүүгө кеткен чыгымдардан айырмалоо мүмкүн эмес. Натыйжада мындай беренелер материалдык эмес активдер катарында таанылбайт.

## Ишкана өзү жараткан материалдык эмес активдердин баштапкы наркы

65 24-пунктка карата ишкана өзү жараткан материалдык эмес активдин баштапкы наркы материалдык эмес актив 21, 22 жана 57-пункттарда баяндалган таануу критерийлерин алгачкы жолу канааттандырып баштаган күндөн тартып жүргүзүлгөн чыгымдардын суммасына барабар. 71-пункт буга чейин чыгашалар катарында таанылган чыгымдардын багытын өзгөртүүгө тыюу салат.

66 Ишкана өзү жараткан материалдык эмес активдердин баштапкы наркына жетекчиликтин ниетине ылайык пайдалануу үчүн ушул активди жаратууга, өндүрүүгө жана даярдоого зарыл бардык тикелей чыгымдар киргизилет. Тикелей чыгымдардын мисалдары болуп төмөнкүлөр саналат:

(a) материалдык эмес активди жаратууда колдонулган же керектелген материалдарга жана кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдар;

(b) материалдык эмес активди жаратууга байланыштуу пайда болуучу кызматкерлердин сыйакысына кеткен чыгымдар (ФОЭС (IAS) 19да аныкталган мааниде);

(c) юридикалык укукту каттоо үчүн зарыл төлөмдөр;

(d) материалдык эмес активди жаратуу үчүн колдонулган патенттерди жана лицензияларды амортизациялоо.

ФОЭС (IAS) 23 пайыздарды ишкана өзү жараткан материалдык эмес активдин баштапкы наркынын элементи катарында таануу критерийлерин белгилейт.

67 Төмөндө келтирилген беренелер ишкана өзү жараткан материалдык эмес активдин баштапкы наркынын курамына кирбейт:

(a) соода, административдик жана башка жалпы кошумча чыгымдар, активди колдонууга даярдоого түздөн-түз тийиштүү болушу мүмкүн чыгымдардан тышкары;

(b) идентификацияланган натыйжасыздык жана аталган активдин пландык өндүрүмдүүлүгүнө жетишкен учуруна чейин пайда болгон баштапкы операциялык зыяндар;

(c) персоналды актив менен иштөөгө окутуу үчүн чыгымдар.

| 65-пунктту сүрөттөгөн мисал |
| --- |
| Ишкана өндүрүштүн жаңы процессин иштеп чыгууда. 20X5-ж. кеткен чыгымдар 1 000 а.б. [a] түздү, анын ичинен 900 а.б. 20X5-ж. декабрына чейин, ал эми 100 а.б. - 20X5-ж. 1-декабрынан тартып 20X5-ж. 31-декабрына чейин пайда болду. Ишкана 20X5-ж. 1-декабрына карата өндүрүш процесси материалдык эмес актив катарында таануу критерийлерин канааттандырганын көрсөтө алат. Аталган процессте бекитилген "ноу-хауга" тийиштүү орду толтурулуучу сумманын эсептик баалоосу (процессти колдонууга боло тургандай аны аяктоо зарылдыгынан келип чыккан акча каражаттарынын келечекте чыгып калышын эске алуу менен) 500 а.б. түзөт..<br><br>*20X5-ж. аягында өндүрүш процесси 100 а.б. түзгөн баштапкы наркы боюнча материалдык эмес актив катарында таанылат (материалдык эмес актив таануу критерийлерин биринчи канааттандырып баштаган күндөн тартып, б.а. 20X5-ж. 1-декабрынан тартып кеткен чыгымдар). 20X5-ж. 1-декабрына чейин кеткен 900 а.б. өлчөмүндөгү чыгымдар чыгашалар катарында таанылат, анткени 20X5-ж. 1-декабрына чейин таануу критерийлери канааттандырылган эмес. Ушул чыгымдар финансылык абал жөнүндөгү отчетто чагылдырылган өндүрүш процессинин баштапкы наркынын курамына киргизилбейт.*<br><br>20X6-ж. кеткен чыгымдар 2 000 а.б. түздү. 20X6-ж. аягында аталган процессте бекитилген "ноу-хауга" тийиштүү орду толтурулуучу сумма (процессти колдонууга боло тургандай аны аяктоо зарылдыгынан келип чыккан акча каражаттарынын келечекте чыгып калышын эске алуу менен) эсептик баалоодо 1 900 а.б. түздү.<br><br>*20X6-ж. аягында өндүрүш процессинин баштапкы наркы 2 100 а.б. түзөт (20X5-ж. аягына карата таанылган 100 а.б. өлчөмүндөгү чыгымдарды кошуу 20X6-ж. таанылган 2 000 а.б. өлчөмүндөгү чыгымдар). Ишкана нарктын түшүп кетүүсүнөн алынган 200 а.б. өлчөмүндөгү зыянды процесстин баштапкы (нарктын түшүшүнөн тартылган зыянга чейин) баланстык наркын (2 100 а.б.) анын ордун толтуруучу суммасына чейин (1 900 а.б.) оңдоп-түзөө үчүн тааныйт. Ушул нарктын түшүшүнөн тартылган зыян кийинки мезгилде, ФОЭС (IAS) 36нын нарктын түшүшүнөн тартылган зыянды калыбына келтирүү талабы аткарылган учурда, калыбына келтирилет..* |
| (a) Ушул стандартта акчалай суммалар "акча бирдигинде (а.б.)" берилген. |

## Чыгашаны таануу

**68 Материалдык эмес активдин объектисине чыгымдарды алар пайда болгон учурда чыгашалар катарында таануу керек, төмөнкү учурлардан тышкары:**

**(a) алар таануу критерийлерин канааттандырган материалдык эмес активдин баштапкы наркынын курамына киргизилет (18 – 67-пункттарды караңыз); же**

**(b) тийиштүү берене бизнести бириктирүүдө сатып алынган жана материалдык эмес актив катарында таанылышы мүмкүн эмес. Мындай учурда ал сатып алуу күнүнө карата гудвиллге киргизилген сумманын бир бөлүгүн түзөт (ФОЭС (IFRS) 3тү караңыз).**

69 Айрым учурларда ишкана келечектеги экономикалык пайданын болушун камсыздоо үчүн чыгымдарды тартат, бирок ошол эле учурда эч кандай материалдык эмес же таанылууга тийиш башка активдерди сатып албайт жана жаратпайт. Товарларды берген учурда ишкана мындай чыгымдарды ушул товарларга жетүү укугун алуудагы чыгаша катарында тааныйт. Кызмат көрсөтүүлөрдү берген учурда ишкана мындай чыгымдарды кызмат көрсөтүүлөрдү алуудагы чыгаша катарында тааныйт. Мисалы, изилдөөлөргө кеткен чыгымдар алар пайда болгон учурда чыгашалар катарында таанылат (54-пунктту караңыз), алар бизнести бириктирүүнүн наркына кирген учурлардан тышкары. Чыгымдар пайда болгон учурда чыгашалар катарында таанылган чыгымдардын башка мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) өндүрүштү баштоого даярдануу боюнча чыгымдар (б.а. баштапкы/даярдануу чыгымдары), мындай чыгымдар ФОЭС (IAS) 16га ылайык негизги каражаттар объектисинин баштапкы наркынын курамына киргизилген учурлардан тышкары. Баштапкы чыгымдар юридикалык жакты уюмдаштырууда юристтердин жана катчылыктын кызмат көрсөтүүлөрүнө кеткен чыгымдар сыяктуу түзүүлөргө коротулган чыгымдардан, жаңы завод же бизнес ачууга кеткен чыгымдардан (б.а.

ишке киргизүү алдындагы чыгымдардан) же жаңы ишмердүүлүктү баштоого же жаңы продуктуларды же процесстерди ишке киргизүүгө кеткен чыгымдардан (б.а. операция алдындагы чыгымдардан) турушу мүмкүн;

(b) персоналды окутуу чыгымдары;

(c) жарнамага жана продукцияны алга илгерилетүү боюнча ишмердүүлүккө кеткен чыгымдар (почта боюнча сатуу каталогун кошкондо);

(d) ишкананын бир бөлүгүн же бардыгын башка жакка көчүрүү же кайра уюштуруу чыгымдары.

69A Ишкана товарларга ээ болгондо, ишканада ушундай товарларга жетүү укугу болот. Ушундай эле, эгер берүү келишиминин шарттарына ылайык товарлар берүүчү тарабынан жаралса жана ишкана берүүнү төлөмгө алмаштырууга талап кое алса, ишканада товарларга жетүү укугу болот. Кызмат көрсөтүүлөр ишкана тарабынан башка кызмат көрсөтүүлөрдү, мисалы, буюртмачыларга жарнама берүү үчүн колдонулганда эмес, ишканага кызмат көрсөтүүлөрдү берүү келишимине ылайык берүүчү тарабынан алар аткарылганда, кызмат көрсөтүүлөр алынды деп саналат.

70 Товарларды берүүгө акы төлөө ишкана товарларга жетүү укугун алганга чейин жүргүзүлгөн учурларда, 68-пункт алдын ала төлөөнү актив катарында таанууга тыюу салбайт. Ушундай эле, кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө кызматтар көрсөтүлгөнгө чейин жүргүзүлгөн учурларда, 68-пункт ишканага алдын ала төлөөнү актив катарында таанууга тыюу салбайт.

### Мурдагы чыгашалар актив катарында таанылбайт

**71 Алгач чыгашалар катарында таанылган материалдык эмес активдин объектисине жумшалган чыгымдар кийин материалдык эмес активдин баштапкы наркынын курамында таанылбайт.**

## Таануудан кийин баалоо

**72 Ишкана өзүнүн эсеп саясаты катарында же 74-пунктта каралган, баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделин, же 75-пунктта каралган кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин тандашы керек. Эгер материалдык эмес актив кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен эске алынса, аны менен бир класстагы бардык башка активдер дагы ошол эле моделди колдонуу менен эске алынууга тийиш, ушул активдер үчүн активдүү рынок болбогон учурлардан тышкары.**

73 Материалдык эмес активдердин классы мүнөзү боюнча окшош жана ишкананын ишмердүүлүгүндө кандайча колдонулаарына карата активдердин тобун билдирет. Материалдык эмес активдердин бир эле классына кирген беренелер активдерди тандап кайталап баалоону жана баштапкы нарктын аралаш айкалышын жана түрдүү күндөргө карата баалоо нарктарын билдирген суммаларды финансылык отчеттуулукта чагылдырууну жокко чыгаруу үчүн бир убакта кайталап бааланат.

### Баштапкы нарк боюнча эсепке алуу модели

74 Баштапкы таануудан кийин материалдык эмес актив топтолгон амортизациянын жана нарктын түшүүнөн топтолгон зыяндардын суммаларын алып салгандан кийин анын баштапкы наркы боюнча эсепке алынууга тийиш.

### Кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу модели

75 **Баштапкы таануудан кийин материалдык эмес актив кийинки топтолгон бардык амортизацияны жана кийинки нарктын түшүшүнөн топтолгон бардык зыяндарды алып салгандан кийин кайталап баалоо күнүнө карата анын адилет наркын билдирген кайталап бааланган нарк боюнча эске алынууга тийиш. Ушул стандартта каралган кайталап баалоо максатында адилет нарк активдүү рыноктун маалыматтарын колдонуу менен бааланышы керек. Кайталап баалоо отчеттук мезгилдин аягында активдин баланстык наркы анын адилет наркынан олуттуу айырмаланбагандай үзгүлтүксүздүк менен жүргүзүлүшү керек.**

76 Кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу модели төмөнкүлөргө уруксат бербейт:

(a) (а) мурда активдер катарында таанылбаган материалдык эмес активдерди кайталап баалоого; же

(b) материалдык эмес активдерди баштапкы наркынан айырмаланган суммаларда баштапкы таанууга.

77 Кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу модели активди баштапкы наркы боюнча баштапкы тааныгандан кийин колдонулат. Ошентсе да, эгер актив процесстин бир бөлүгү өткөнгө чейин таануу критерийлерин канааттандырбагандыгына байланыштуу материалдык эмес активдин баштапкы наркынын бир бөлүгү гана актив катарында таанылса (65-пунктту караңыз), кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин бүтүндөй активге карата колдонууга болот. Ошондой эле кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин мамлекеттик субсидиянын жардамы менен алынган жана номиналдуу нарк боюнча таанылган материалдык эмес активге карата колдонууга болот (44-пунктту караңыз).

78 Материалдык эмес актив үчүн активдүү рыноктун болушу сейрек кездешет, бирок болушу мүмкүн. Мисалы, айрым юрисдикцияларда жүргүнчүлөрдү ташуу лицензиялары, балык уулоого же чектөөлөр коюлбаган өндүрүштүк квотага лицензиялар үчүн активдүү рынок болушу мүмкүн. Бирок, эгер соода маркалары, гезиттердин титулдук маалыматтары, музыкалык альбомдорду жана кинофильмдерди чыгарууга укуктар, патенттер же товардык белгилер жөнүндө сөз болсо, саналып өткөн активдердин ар бири уникалдуу мүнөзгө ээ болгондуктан, активдүү рыноктун болушу жокко чыгарылат. Андан тышкары, материалдык эмес активдер сатып алуу-сатуунун предмети болуп саналса дагы, сатып алуучулар жана сатуучулар келишимдердин шарттарын өз ара жеке тартипте макулдашышат, ал эми операциялар өтө сейрек жүргүзүлөт. Ушул себептерден улам бир актив үчүн төлөнгөн баа башка активдин адилет наркынын жетиштүү далили боло бербейт. Андан тышкары, баалар жөнүндөгү маалымат көп учурда жалпыга жеткиликтүү болбойт.

79 Кайталап баалоонун мезгилдүүлүгү кайталап баалануучу материалдык эмес активдердин адилет наркынын өзгөрүлмөлүүлүгүнө көз каранды. Эгер кайталап бааланган активдин адилет наркы анын баланстык наркынан бир кыйла айырмаланса, кошумча кайталап баалоо зарыл. Айрым материалдык эмес активдердин адилет наркы маанилүү жана өзгөрүлмөлүү өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн, бул аларды жыл сайын кайталап баалоо зарылдыгын туудурат. Адилет наркы анча маанилүү эмес өзгөрүүлөргө дуушар болгон материалдык эмес активдер үчүн мындай тез-тез кайталап баалоо талап кылынбайт.

80 Материалдык эмес актив кайра бааланганда, мындай активдин баланстык наркы анын кайталап бааланган наркына оңдоп-түзөтүлөт. Кайталап баалоо күнүнө карата актив төмөнкү ыкмалардын бири менен эсепке алынат:

(a) дүң баланстык нарк активдин баланстык наркын кайталап баалоонун жыйынтыгына ылайык оңдоп-түзөтүлөт. Мисалы, дүң баланстык нарк байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук маалыматтардын негизинде кайра эсептелиши мүмкүн же болбосо ал баланстык нарктын өзгөрүшүнө пропорционалдуу кайра эсептелиши мүмкүн. Топтолгон амортизация кайталап баалоо күнүнө карата ал нарктын түшүшүнөн топтолгон зыяндар эсепке алынгандан кийин активдин дүң баланстык

наркы менен баланстык наркынын ортосундагы айырмага барабар болгондой кылып оңдоп-түзөтүлөт; же болбосо

(b) топтолгон амортизация активдин дүң баланстык наркынан алып салынат.

Топтолгон амортизацияны оңдоп-түзөөнүн көлөмү 85 жана 86-пункттарына ылайык эсепке алынууга тийиш баланстык нарктын көбөйүшүнүн же азайышынын жалпы суммасынын бир бөлүгүн түзөт.

**81 Кайталап бааланган материалдык эмес активдер классына кирген материалдык эмес актив ушул актив үчүн активдүү рыноктун жок болгондугуна байланыштуу кайталап баалануга тийиш эмес, бул актив топтолгон бардык амортизацияны жана нарктын түшүүнөн топтолгон зыяндарды алып салгандан кийин өзүнүн баштапкы наркы боюнча чагылдырылышы керек.**

**82 Активдүү рыноктун маалыматтарын пайдалануу менен кайталап бааланган материалдык эмес активдин адилет наркын баалоо мүмкүнчүлүгү жоголгондо, ушул активдин баланстык наркы кийинки топтолгон бардык амортизацияны жана кийинки нарктын түшүүнөн топтолгон бардык зыяндарды алып салгандан кийин ушул активдүү рыноктун маалыматтарын пайдалануу менен акыркы кайталап баалоо күнүнө карата анын кайталап бааланган наркы болот.**

83 Кайталап бааланган материалдык эмес актив үчүн активдүү рыноктун жок болуу фактысы активдин наркынын түшүү мүмкүндүгүн жана ФОЭС (IAS) 36га ылайык аны тестирлөө зарылдыгын күбөлөндүрүшү мүмкүн.

84 Эгер төмөнкү баалоо күндөрүнүн бирине карата ушул активдин адилет наркы активдүү рыноктун маалыматтарын пайдалануу менен баалanса, анда кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу модели көрсөтүлгөн күндөн баштап колдонулат.

**85 Эгер кайталап баалоонун жыйынтыгында материалдык эмес активдин баланстык наркы көбөйсө, бул көбөйүү башка жыйынды кирешенин курамында түздөн-түз таанылууга жана кайталап баалоодон нарктын өсүү эсебине капиталдын курамына чегерилүүгө тийиш. Бирок мындай көбөйүү ал мурда пайданын же зыяндын курамында таанылган ошол эле активди кайталап баалоо наркынын азаюу суммасын калыбына келтиргендей деңгээлде пайданын же зыяндын курамында таанылышы керек.**

**86 Эгер кайталап баалоонун жыйынтыгында материалдык эмес активдин баланстык наркы азайса, бул азаюу пайданын же зыяндын курамында таанылышы керек. Бирок азаюу ошол эле активге тийиштүү кайталап баалоодон нарктын өсүү эсеби боюнча бардык кредиттик сальдонун өлчөмүндө башка жыйынды кирешенин курамында таанылууга тийиш. Башка жыйынды кирешенин курамында таанылган азаюу кайталап баалоодон нарктын өсүү эсебинде капиталдын курамына чегерилген сумманы азайтат.**

87 Капиталдын курамына киргизилген кайталап баалоодон нарктын өсүшүнүн топтолгон көлөмү ушул нарктын өсүшүн ишке ашыруу учурунда түздөн-түз бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамына которулушу мүмкүн. Бүтүндөй нарктын өсүшү тийиштүү активди колдонуу токтотулганда же ал чыгып калганда ишке ашырылышы мүмкүн. Ошентсе да нарктын өсүү бөлүгү ишкананын активди колдонуу процессинде ишке ашырылышы мүмкүн. Мындай учурда ишке ашырылган нарктын өсүү суммасы активдин кайталап бааланган баланстык наркынын негизинде чегерилүүчү амортизация менен активдин тарыхый наркынын негизинде таанылa турган амортизациянын ортосундагы айырманы билдирет. Кайталап баалоодон нарктын өсүү эсебинен бөлүштүрүлбөгөн пайданын эсебине которуу пайданын же зыяндын курамында чагылдырылбайт.

## Пайдалуу кызмат мөөнөтү

88 **Ишкана материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү акыркы же айкын эмес болуп саналаар/саналбасын баалоого тийиш, эгер мөөнөт акыркы болсо, ушул мөөнөттүн узактыгы же продукциянын бирдиктеринин же ушундай бирдиктердин саны ушул пайдалуу кызмат мөөнөтүн түзөт. Эгер бардык жөндүү факторлорду талдоо, ушул актив, күтүлгөндөй, ишкана үчүн акча каражаттарынын таза агымын түзгөн мезгилдин ичинде болжолдуу чектөөлөрдүн жоктугун көрсөтсө, ишкана материалдык эмес активди пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес деп кароосу керек.**

89 Материалдык эмес активди эсепке алуу анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнө көз каранды. Акыркы пайдалуу кызмат мөөнөтүнө ээ материалдык эмес актив амортизацияланат (97-106-пункттарды караңыз), ал эми айкын эмес пайдалуу кызмат мөөнөтүнө ээ материалдык эмес актив амортизацияланбайт (107-110-пункттарды караңыз). Ушул стандартка коштомо материал катарында берилген көрсөтмөлүү мисалдар түрдүү материалдык эмес активдер үчүн пайдалуу кызмат мөөнөтүн аныктоо тартибин, ошондой эле ушул активдер үчүн белгиленген пайдалуу кызмат мөөнөтүнө карата аларды кийин эсепке алуу тартибин көрсөтөт.

90 Материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн аныктоодо көптөгөн факторлор эске алынат, анын ичинен төмөнкүлөр:

(a) ишкананын ушул активди болжолдуу колдонуу мүмкүндүгү жана башка жетектөөчү команданын ушул активди натыйжалуу башкаруу жөндөмдүүлүгү;

(b) ушул актив үчүн продуктунун демейки жашоо цикли жана ушундай жол менен колдонулган ушундай активдердин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн эсептик баалоолору жөнүндө жалпыга жеткиликтүү маалымат;

(c) эскирүүнүн техникалык, технологиялык, коммерциялык жана башка типтери;

(d) аталган актив иштеген тармактын туруктуулугу жана актив өндүргөн продуктуларга же кызмат көрсөтүүлөргө рыноктук суроо-талаптын өзгөрүшү;

(e) атаандаштардын же потенциалдуу атаандаштардын болжолдуу иш-аракеттери;

(f) ушул активден күтүлүүчү келечектеги экономикалык пайда алуу үчүн талап кылынган ушул активди колдоо жана тейлөө чыгымдарынын деңгээли, ошондой эле ишкананын ушундай чыгымдардын деңгээлин камсыздоо жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы;

(g) ушул активди контролдоонун болуу мезгили жана ушул активди колдонуу боюнча юридикалык же ушундай чектөөлөр, мисалы, тийиштүү ижара келишимдеринин мөөнөтү бүткөн күн; жана

(h) тийиштүү активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ишкананын башка активдеринин пайдалуу кызмат мөөнөтүнөн көз карандылыгы.

91 «Айкын эмес» деген термин «чексиз» дегендикти билдирбейт. Материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн эсептик баалоону аткарууда бааланууучу активдин демейки өндүрүмдүүлүк көрсөткүчтөрүн сактоо үчүн талап кылынуучу аны колдоо жана тейлөө боюнча келечектеги чыгымдардын ушундай деңгээлин гана чагылдырат, ошондой эле ишкананын ушундай чыгымдардын деңгээлин камсыздоо жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын чагылдырат. Материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес болуп саналаары жөнүндөгү корутунду активдин ушундай демейки өндүрүмдүүлүк көрсөткүчтөрүн сактоо үчүн талап кылынуучу чыгымдардан ашыкча пландалган келечектеги чыгымдардан көз каранды болбошу керек.

92 Технология тармагында бат өзгөрүүлөр болуп тургандыктан, компьютердик программалык камсыздоо жана көптөгөн башка материалдык эмес активдер технологиялык жактан эскирүүгө дуушар болот. Ошондуктан алардын пайдалуу кызмат мөөнөтү көпчүлүк учурда кыска болот. Материалдык эмес активди колдонуу менен өндүрүлгөн продукцияны сатуу

баасынын күтүлүүчү келечектеги азаюусу активдин күтүлүүчү моралдык же коммерциялык эскиришин көрсөтөт, бул өз кезегинде, ушул активде камтылган келечектеги экономикалык пайданын азаярын күбөлөндүрөт.

93 Материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү өтө узак же айкын эмес болушу мүмкүн. Айкын эместик материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн эсептөөдө этияттыкты негиздейт, бирок чындыкка дал келбеген кыска мөөнөттү тандап алууга негиз бербейт.

**94 Келишимдик же башка юридикалык укуктардан пайда болуучу материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү ушул укуктарды колдонуу мөөнөтүнөн ашпашы керек, бирок ишкана ушул активди колдонууну ойлогон мезгилге карата кыска болушу мүмкүн. Эгер келишимдик же башка юридикалык укуктар калыбына келтирилиши мүмкүн чектелген мөөнөткө берилсе, анда ушул материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн аныктоодо калыбына келүүчү мөөнөт (мөөнөттөр), эгер ишкана көп чыгымдарды кылбастан мөөнөттү узартуу алаарына далил болсо гана эске алынат. Бизнести бириктирүүдө материалдык эмес актив катарында таанылган, кайрадан сатып алынган укуктун пайдалуу кызмат мөөнөтү укук берилгендиги жөнүндөгү келишимдин калган мөөнөтүн билдирет жана мөөнөттү узартуу мезгилин камтыбайт.**

95 Материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнө экономикалык жана укуктук факторлор дагы таасир бериши мүмкүн. Экономикалык факторлор ишкана келечекте экономикалык пайда алуу мезгилин аныктайт. Укуктук факторлор ишкана анын ичинде ушул пайдага жеткиликтүүлүктү алууну контролдогон мезгилди чектеши мүмкүн. Пайдалуу кызмат мөөнөтү аталган факторлор менен аныкталуучу мезгилдердин кыскасын билдирет.

96 Башкалар менен катар төмөнкүдөй факторлордун болушу ишкана көп чыгымдарды кылбастан, келишимдик же башка юридикалык укуктардын мөөнөтүн узартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болоорун көрсөтөт:

(a) келишимдик же башка юридикалык укуктардын мөөнөтү узартыларына далил болсо (мурдагы тажрыйбага негизделиши мүмкүн). Эгер мөөнөттү узартуу үчүнчү жактын макулдугуна көз каранды болсо, анда далилдин болушу ушундай үчүнчү жак ушундай макулдугун берет деген ырастоону камтыйт;

(b) мөөнөттү узартууну алуу үчүн талап кылынган бардык шарттар аткарылаарына далил болсо;

(c) ишкананын мөөнөттү узартууну алууга кетирилген чыгымдары ишкана мөөнөттүн узартылышынан алууну ойлогон келечектеги экономикалык пайдага салыштырмалуу көп болбосо.

Эгер мөөнөттү узартууга (кайра жандандырууга) кеткен чыгымдар ишкана мөөнөттү узартуудан алууну ойлогон келечектеги экономикалык пайдага салыштырмалуу көп болсо, ушул «мөөнөттү узартуу» чыгымдары негизинен мөөнөттү узартуу күнүнө карата жаңы материалдык эмес активди сатып алуу чыгымдарын билдирет.

## Пайдалуу кызматтын акыркы мөөнөтүндөгү материалдык эмес активдер

### Амортизациялоо мөөнөтү жана амортизацияны чегерүү методу

**97 Пайдалуу кызматтын акыркы мөөнөтүндөгү материалдык эмес активдердин амортизациялануучу наркы системалык негизде анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн узактыгына бөлүштүрүлүшү керек. Ушул актив колдонуу үчүн жеткиликтүү болгон, б.а. анын жайгашкан жери жана абалы жетекчинин ниетине ылайык аны колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган учурдан тартып амортизация башталууга тийиш.**

**Амортизация эки датага карата токтотулушу керек: ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык ушул активди сатууга арналган катарында классификациялоо күнүнө карата (же сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топко киргизүү) же аны таанууну токтотуу күнүнө карата. Колдонулган амортизацияны чегерүү методу ишкананын активден алынуучу келечектеги экономикалык пайданы керектөөнүн күтүлүүчү мүнөзүн чагылдырууга тийиш. Эгер аталган керектөө мүнөзүн ишенимдүү аныктоого мүмкүн болбосо, анда линиялык методду колдонуу керек. Ар бир мезгилге чегерилген амортизация пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш, ушул же башка стандарт аны башка активдин баланстык наркына киргизүүгө уруксат берген же талап кылган учурлардан тышкары.**

98 Активдин амортизацияланууну наркын системалык негизде анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн узактыгына бөлүштүрүү үчүн амортизацияны чегерүүнүн түрдүү методдору колдонулушу мүмкүн. Ушул методдорго линиялык метод, азаюучу калдык методу жана продукция бирдиктеринин методу кирет. Колдонулуучу метод активде камтылган келечектеги экономикалык пайданы керектөөнүн күтүлүүчү мүнөзүнүн негизинде тандалат жана мезгилден мезгилге ырааттуу колдонулат, ушул келечектеги экономикалык пайданы керектөөнүн күтүлүүчү мүнөзү өзгөргөн учурлардан тышкары.

98A Актив тартылган ишмердүүлүктүн натыйжасында түшкөн кирешеге негизделген амортизациялоо методун колдонууга жол берилбейт деген жокко чыгарылуучу божомолдор бар. Актив тартылган ишмердүүлүктүн жыйынтыгында түшкөн киреше, эрежедегидей, ушул материалдык активде камтылган экономикалык пайданы керектөөдөн айырмаланган факторлорду чагылдырат. Мисалы, түшкөн кирешеге башка колдонулуучу ресурстар жана процесстер, сатуу ишмердүүлүгү, көлөмдүн өзгөрүшү жана сатуу баалары таасир берет. Түшкөн кирешенин баа компонентине активди керектөө ыкмасына тиешеси жок инфляция таасир тийгизи мүмкүн. Бул божомолдорду чектелген учурларда гана жокко чыгарууга болот:

(a) эгер материалдык эмес актив 98C-пунктунда баяндалгандай, түшкөн кирешени баалоо катарында көрсөтүлсө; же болбосо

(b) материалдык эмес активден түшкөн киреше менен экономикалык пайданы керектөө өз ара тыгыз байланышканын көрсөтүүгө болсо.

98B 98-пунктка ылайык жол берилген амортизациялоо методун тандоодо, ишкана ушул материалдык эмес активге таандык басымдуу чектөөчү факторду аныктай алат. Мисалы, материалдык эмес активди колдонуу боюнча ишкананын укугун белгилөөчү келишимде уишкананын материалдык эмес активди колдонуусу белгилүү бир жылдардын саны (б.а. убакыт), өндүрүлгөн бирдиктердин саны же актив тарабынан жарала турган түшкөн кирешенин бекитилген жалпы суммасы катарында көрсөтүлүшү мүмкүн. Ушундай басымдуу чектөөчү факторду аныктоо амортизация үчүн жол берилген негизди аныктоодо баштапкы түйүн болуп кызмат кыла алат, бирок ошол эле учурда башка негизди колдонууга болот, эгер ал экономикалык пайданы керектөөнүн күтүлүүчү мүнөзүн так чагылдырса.

98C Материалдык эмес активге таандык басымдуу чектөөчү фактор болуп түшкөн кирешенин босоголук маанисине жетүү саналган учурда, түшкөн киреше амортизация үчүн жол берилген негиз болуп саналат. Мисалы, ишкана алтын кенинде алтынды чалгындоо жана өндүрүү үчүн концессияга ээ болду. Келишимди колдонуу мөөнөтүнүн аякташы өндүрүүнүн жыйынтыгында алына турган жалпы түшкөн кирешенин бекитилген суммасына байланыштуу болушу мүмкүн (мисалы, келишим сатуудан алынган жалпы түшкөн киреше 2 миллиард а.б. түзгөнгө чейин алтын кенин өндүрүүнү карашы мүмкүн) жана алтынды казып алуу убактысына же көлөмүнө көз каранды эмес. Башка мисалда акы төлөнүүчү жолду эксплуатациялоо укугу жол жыйымдарынан түшкөн кирешенин бекитилген жалпы суммасына негизделиши мүмкүн (мисалы, келишим жолду иштетүүдөн алынган жыйымдардын жалпы суммасы 100 миллион а.б. түзгөнгө чейин акы төлөнүүчү жолду эксплуатациялоону карашы мүмкүн). Материалдык эмес активди колдонуу

келишиминде түшкөн киреше басымдуу чектөөчү фактор катарында аныкталса, активди колдонуудан түшкөн киреше, амортизация аныкталуучу түшкөн кирешенин бекитилген жалпы суммасы келишимде көрсөтүлгөн шартта, материалдык эмес активди амортизациялоо үчүн жол берилген негиз болуп саналышы мүмкүн.

99 Амортизация адатта пайданын же зыяндын курамында таанылат. Бирок, кээде активде камтылган келечектеги экономикалык пайда башка активдерди өндүрүүдө сиңип кетет. Мындай учурда чегерилген амортизация ушундай башка активдин баштапкы наркынын бөлүгүн түзөт жана анын балансттык наркына киргизилет. Мисалы, өндүрүш процессинде колдонулуучу материалдык эмес активдердин амортизациясы запастардын баланстык наркынын курамына киргизилет (*«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2ни караңыз).

## Жоюу наркы

**100 Пайдалуу кызматтын акыркы мөөнөтүндөгү материалдык эмес активдин жоюу наркы нөлгө барабар болот, төмөнкү учурлардан тышкары:**

**(a) үчүнчү жактын ушул активди пайдалануу мөөнөтүнүн аягында аны сатып алууга милдети бар болсо; же**

**(b) ушул актив үчүн активдүү рынок болсо (ФОЭС (IFRS) 13тө аныкталгандай) жана:**

**(i) ушул рыноктун маалыматтарын колдонуу менен жоюу наркты аныктоого мүмкүн болсо;**

**(ii) ушул активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында ушундай рыноктун болуу ыктымалдыгы жогору болсо.**

101 Пайдалуу кызматтын акыркы мөөнөтүндөгү активдин амортизацияланууучу наркы анын жоюу наркын алып салгандан кийин аныкталат. Нөлдөн айырмаланган жоюу наркы ишкана ушул материалдык эмес активди анын экономикалык кызмат мөөнөтү аяктаганга чейин ишке ашырууну ойлогондугун билдирет.

102 Активдин жоюу наркын эсептик баалоо аталган баалоо күнүнө карата ашыкча жана пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында жетишилген жана ушул актив эксплуатациялана турган ушундай шарттарда эксплуатацияланган ушундай активдерди сатууга тийиштүү бааларга карата анын чыгып калышынан ордун толтурууга мүмкүн болгон суммага негизделет. Жоюу наркы жок дегенде ар бир финансылык жылдын аягында талданат. Активдин жоюу наркындагы кандайдыр бир өзгөрүү *«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык бухгалтердик баалоодогу өзгөртүү катарында эске алынат.

103 Материалдык эмес активдин жоюу наркы анын баланстык наркына барабар же андан ашык суммага чейин көбөйүшү мүмкүн. Мындай учурда ушул активдин чегерилүүчү амортизациясы анын жоюу наркы анын баланстык наркынан аз болгонго чейин нөлгө барабар болот.

### Амортизациялоо мөөнөтүн жана амортизациянын чегерүү методун кайра кароо

**104 Пайдалуу кызматтын акыркы мөөнөтүндөгү материалдык эмес активдерди амортизациялоо мөөнөтү жана амортизациянын чегерүү методу кайра кароо учурунда жок дегенде ар бир финансылык жылдын аягында талданышы керек. Эгер ушул активдин пайдалуу кызматынын күтүлүүчү мөөнөтү мурдагы эсептик баалоодон айырмаланса, анда амортизациялоо мөөнөтү тийиштүү түрдө ондоп-түзөлүүгө тийиш. Эгер ушул активде камтылган келечектеги экономикалык пайданы керектөөнүн күтүлүүчү мүнөзү өзгөрсө, анда амортизациянын чегерүү методу өзгөргөн мүнөздү чагылдыруу үчүн өзгөртүлүшү керек. Мындай өзгөртүүлөр**

**ФОЭС (IAS) 8ге ылайык бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүү катарында эске алынууга тийиш.**

105 Материалдык эмес активдин иштөө мөөнөтүнүн ичинде анын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн эсептик баалоосу туура эмес болгону билиниши мүмкүн. Мисалы, нарктын түшүшүнөн зыянды таануу амортизациялоо мөөнөтүн өзгөртүү зарылдыгын көрсөтүшү мүмкүн.

106 Ишкана материалдык эмес активден алууну күткөн келечектеги экономикалык пайданын мүнөзү убакыттын өтүшү менен өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы, линиялык методду эмес, азаюучу калдык методун колдонуу менен амортизацияны чегерүү кыйла орундуу экендиги билиниши мүмкүн. Дагы бир мисал болуп лицензиянын предмети болгон укуктарды колдонуу бизнес-пландын башка компоненттери боюнча иш-аракеттерди күтүүдө кийинкиге калтырылган кырдаал саналат. Бул учурда активден экономикалык пайда алуу алда канча кечирээк мезгилдерге калтырылат.

**Пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес активдер**

**107 Пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес активдер амортизацияланбайт.**

108 ФОЭС (IAS) 36га ылайык ишкана пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес активди анын орду толтурулуучу наркын анын баланстык наркына салыштыруу аркылуу наркынын түшүшүнө карата тестирлөөгө тийиш

(a) жыл сайын, ошондой эле

(b) ушул материалдык эмес активдин мүмкүн болгон наркынын түшүп кетүү белгилери пайда болгон ар бир учурда.

**Пайдалуу кызмат мөөнөтүн баалоону кайра кароо**

**109 Амортизация чегерилбеген материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү, окуялар жана жагдайлар активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн айкын эмес катарында баалоону ырастап жаткандыгы улантылгандыгын аныктоо үчүн, ар бир мезгилде талданууга тийиш. Эгер алар мындай баалоону ырастабаса, анда пайдалуу кызмат мөөнөтүн айкын эместен акыркы баалоого өзгөртүү ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эсептик баалоодогу өзгөртүү катарында эске алынышы керек.**

110 ФОЭС (IAS) 36га ылайык материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн айкын эместен акыркыга баалоону кайра кароо ушул активдин наркынын түшүшүнүн белгиси болуп саналат. Натыйжада ишкана ушул активди ФОЭС (IAS) 36га ылайык аныкталуучу анын орду толтурулуучу наркын анын баланстык наркына салыштыруу аркылуу наркынын түшүшүнө карата тестирлейт жана баланстык наркынын орду толтурулуучу наркынан кандай болбосун ашып кетишин нарктын түшүшүнөн тартылган зыян катарында тааныйт.

## Баланстык нарктын ордун толтуруу - нарктын түшүшүнөн зыян

111 Материалдык эмес активди наркынын түшүшүнө карата текшерүү үчүн ишкана ФОЭС (IAS) 36ны колдонот. Аталган стандарт ишкана өзүнүн активдеринин баланстык наркын качан жана кантип талдай тургандыгын, ал активдин орду толтурулуучу наркын кантип аныктаарын жана нарктын түшүшүнөн тартылган зыянды качан таанырын же калыбына келтирерин түшүндүрөт.

## Пайдаланууну токтотуу жана чыгып калуу

**112 Материалдык эмес активди таануу төмөнкүдөй учурларда токтотулат:**

**(a) ал чыгып калганда; же**

© ФОЭС Фонду

(b) **аны пайдалануудан же анын чыгып калышынан эч кандай келечектеги экономикалык пайда күтүлбөгөндө.**

113 **Материалдык эмес активди таанууну токтотуунун натыйжасында пайда болгон пайда же зыян чыгып калуудан таза түшүүлөр менен, эгер ушундай орун алса, ушул активдин баланстык наркынын ортосундагы айырма катарында аныкталат. Алар активди таануу токтотулган учурда пайданын же зыяндын курамында таанылууга тийиш (кайра артка ижаралоо менен сатууга карата ФОЭС (IAS) 16 башка талаптарды белгилеген учурлардан тышкары). Пайда түшкөн киреше катарында классификацияланбашы керек**.

114 Материалдык эмес активдин чыгып калышы түрдүү учурларда болушу мүмкүн (мисалы, сатуудан кийин, финансылык ижара же тартуулоо келишимдери түзүлгөндөн кийин). Ушундай активдин чыгып калуу күнүн аныктоодо ишкана ФОЭС (IAS) 15те белгиленген критерийлерди колдонот. Кайра артка ижаралоо менен сатуунун натыйжасында чыгып калуу орун алган учурларда ФОЭС (IAS) 16 колдонулат.

115 Эгер 21-пунктта баяндалган таануу принциптерине ылайык ишкана материалдык эмес активдин бөлүгүн алмаштыруу наркын кандайдыр бир активдин баланстык наркынын курамында тааныса, анда ал алмаштырылган бөлүктүн баланстык наркын таанууну токтотот. Эгер ишкана үчүн алмаштырылган бөлүктүн баланстык наркын аныктоо мүмкүн болбосо, анда ал алмаштырылган бөлүктүн наркын ал өз күчү менен алынган же түзүлгөн убакта алмаштырылган бөлүктүн наркынын көрсөткүчү катарында колдоно алат.

115A Бизнести бириктирүүдө укук кайрадан алынган учурда, эгер укук кийин үчүнчү тарапка кайра чыгарылса (сатылса), тийиштүү баланстык нарк, ал болсо, кайра чыгаруудан түшкөн пайданы же зыянды аныктоодо колдонулушу керек.

116 Материалдык эмес активди таанууну токтотуунун натыйжасында пайда болгон, пайдага же зыянга киргизилүүгө тийиш ордун толтуруу суммасы ФОЭС (IFRS) 15тин 47-72-пункттарындагы операциянын баасын аныктоо талаптарына ылайык аныкталат. Пайдага же зыянга киргизилген ордун толтуруунун эсептик суммасынын кийинки өзгөрүүлөрү операциянын баасын өзгөртүү боюнча ФОЭС (IFRS) 15тин талаптарына ылайык эске алынууга тийиш.

117 Пайдалуу кызмат мөөнөтү акыркы болгон материалдык эмес активди амортизациялоо активди колдонуу токтотулгандан тартып токтотулбайт, актив буга чейин толук амортизацияланган же ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык сатууга арналган катарында классификацияланган (же сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топко киргизилген) учурлардан тышкары.

## Маалыматты ачып көрсөтүү

### Жалпы жоболор

118 **Ишкана өз алдынча жаратылган материалдык эмес активдерди жана башка материалдык эмес активдерди ажыратуу менен материалдык эмес активдердин ар бир классы боюнча төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

(a) **тийиштүү активдердин пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмеспи же акыркыбы, эгер акыркы болсо, пайдалуу кызмат мөөнөтүн же амортизациянын колдонулган ченемдерин;**

(b) **пайдалуу кызмат мөөнөтү акыркы материалдык эмес активдерге карата колдонулган амортизациянын чегерүү методун;**

(c) **тийиштүү мезгилдин башына жана аягына карата дүң баланстык наркын жана бардык топтолгон амортизацияны (нарктын түшүүнөн топтолгон зыяндар менен бириктирилген);**

(d) **ага (аларга) материалдык эмес активдердин бардык амортизациясы киргизилген жыйынды киреше жөнүндө отчеттун беренесин (беренелерин);**

(e) **тийиштүү мезгилдин башына жана аягына карата төмөнкүлөрдү чагылдырган балanстык наркты текшерип салыштырууну:**

(i) **келип түшүүлөрдү, ички иштеп чыгуулардын натыйжасында алынгандарды, өзүнчө активдер катарында сатып алынгандарды, бизнести бириктирүүдө сатып алынгандарды өзүнчө көрсөтүү менен;**

(ii) **ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык сатууга арналган катары классификацияланган же сатууга арналган катары классификацияланган чыгып жаткан топко киргизилген активдерди жана башка чыгып калууларды;**

(iii) **75, 85 жана 86-пункттарга ылайык кайталап баалоонун натыйжасында жана ФОЭС (IAS) 36га ылайык түздөн-түз башка жыйынды кирешенин курамында таанылган же калыбына келтирилген, нарктын түшүшүнөн тартылган зыяндардын натыйжасында пайда болгон, ушул мезгилдин ичиндеги көбөйүүлөрдү же азаюуларды (эгер мындайлар орун алса);**

(iv) **ФОЭС (IAS) 36га ылайык көрсөтүлгөн мезгил ичинде пайданын же зыяндын курамында таанылган, нарктын түшүшүнөн тартылган зыяндарды (эгер мындайлар орун алса);**

(v) **ФОЭС(IAS) 36га ылайык көрсөтүлгөн мезгил ичинде пайдада же зыянда калыбына келтирилген, нарктын түшүшүнөн тартылган зыяндарды (эгер мындайлар орун алса);**

(vi) **ушул мезгилдин ичинде таанылган бардык амортизацияны;**

(vii) **финансылык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрүн отчеттуулукту тапшыруу валютасына кайра эсептөөдө жана чет өлкөлүк бөлүмдүн көрсөткүчтөрүн ишкананын отчеттуулукту тапшыруу валютасына кайра эсептөөдө пайда болгон таза курстук айырмаларды;**

(viii) **көрсөтүлгөн мезгил ичинде балanстык нарктын башка өзгөрүүлөрүн.**

119 Материалдык эмес активдердин классы мүнөзү боюнча жана ишкананын ишмердүүлүгүндө кантип колдонулаары боюнча окшош активдердин тобун билдирет. Айрым класстардын мисалдары болуп төмөнкүлөр кызмат кылат:

(a) фирмалык аталышы;

(b) титулдук маалыматтар жана жарыяланган басылмалардын аты;

(c) компьютердик программалык камсыздоо;

(d) лицензиялар жана франшизалар;

(e) автордук укуктар, патенттер жана өнөр жайлык менчиктин башка укуктары, тейлөө жана эксплуатациялоо укуктары;

(f) рецепттер, формулалар, моделдер, чиймелер жана прототиптер; жана

(g) иштеп чыгуу процессиндеги материалдык эмес активдер.

Жогоруда аталган класстар, эгер бул финансылык отчеттуулуктун колдонуучуларын кыйла жөндүү маалымат менен камсыздаса, кичирээк класстарга бөлүнөт (чоңураак класстарга бириктирилет).

120 120. Ишкана 118(e)(iii) - (v) пунктунда талап кылынган маалыматка кошумча катарында ФОЭС (IAS) 36га ылайык наркы түшүп кеткен материалдык эмес активдер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтөт.

121 ФОЭС (IAS) 8 ишканадан учурдагы мезгилде маанилүү таасир тийгизген же, күтүлгөндөй, кийинки мезгилдерде маанилүү таасир тийгизе турган бухгалтердик баалоодогу кандайдыр бир өзгөртүүнүн мүнөзү жана көлөмү жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүнү талап кылат. Мындай ачып көрсөтүү төмөнкү өзгөртүүлөргө байланыштуу зарыл болушу мүмкүн:

(a) материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн баалоодо;

(b) амортизациянын чегерүү методунда; же

(c) жоюу наркында.

**122 Ишкана төмөнкү маалыматты дагы ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес актив катары классификацияланган материалдык эмес активге карата – ушул активдин баланстык наркын жана аны пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес материалдык эмес актив катары баалоо үчүн негиздерди. Мындай негиздерди ачып көрсөтүү менен ишкана ушул актив айкын эмес пайдалуу кызмат мөөнөтүнө ээ экендиги жөнүндө чечимге олуттуу таасир тийгизген факторду же факторлорду сыпаттоого тийиш.**

**(b) ишкананын финансылык отчеттуулугу үчүн маанилүү болгон бардык өзүнчө материалдык эмес активдин сыпаттамасын, баланстык наркын жана амортизацияны чегерүүнүн калган мезгилин.**

**(c) мамлекеттик субсидиянын жардамы менен сатып алынган жана адилет наркы боюнча баштапкы таанылган материалдык эмес активдерге карата (44-пунктту караңыз):**

**(i) ал боюнча ушул активдер баштапкы таанылган адилет наркты;**

**(ii) алардын баланстык наркын;**

**(iii) баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделин же кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен таанылгандан кийин алар бааланарын.**

**(d) белгилүү бир чектөөлөр колдонулган менчик укуктарына карата материалдык эмес активдердин болушу жана алардын баланстык наркы, ошондой эле милдеттенмелерди камсыздоо катарында күрөөгө берилген материалдык эмес активдердин баланстык наркы.**

**(e) (e) материалдык эмес активдерди сатып алуу боюнча милдеттер келишиминде өзүнө алган сумма.**

123 Ишкана материалдык эмес активдин пайдалуу кызмат мөөнөтү айкын эмес экендигин аныктоодо маанилүү роль ойногон факторду же факторлорду сыпаттаса, ишкана 90-пунктта келтирилген факторлордун тизмегин эске алууга тийиш.

## Кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу моделин пайдалануу менен таанылгандан кийин баалануучу материалдык эмес активдер

**124 Эгер материалдык эмес активдер кайталап бааланган наркы боюнча эске алынса, ишкана төмөнкүдөй маалыматтарды ачып көрсөтүшү керек:**

**(a) материалдык эмес активдердин класстары боюнча:**

**(i) кайталап баалоо жүргүзүлгөн күндү;**

**(ii) кайталап бааланган материалдык эмес активдердин балансутык наркын; жана**

**(iii) эгер материалдык эмес активдердин кайталап бааланган классы 74-пунктта сыпатталган баштапкы нарк боюнча эсепке алуу моделин колдонуу менен таанылгандан кийин бааланса, таанылуучу балансутык наркты; жана**

**(b) мезгилдин башына жана аягына карата, ушул мезгилдин ичиндеги өзгөрүүлөрдү жана акционерлерге калдыкты бөлүштүрүү боюнча бардык чектөөлөрдү көрсөтүү менен, материалдык эмес активге тийиштүү кайталап баалоодон алынган нарктын өсүү суммасын;**

(c) [алып салынган]

125 Маалыматты ачып көрсөтүү максатында кайталап бааланган активдердин класстарын алда канча ири класстарга бириктирүү талап кылынышы мүмкүн. Бирок, эгер класстарды ирилештирүү баштапкы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде дагы жана кайталап бааланган нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде дагы кайталап бааланган сумманы камтыган материалдык эмес активдердин комбинирленген классынын пайда болушуна алып келсе, класстар ирилештирилбейт.

## Изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга кеткен чыгымдар

**126 Ишкана мезгил ичинде чыгашалар катарында таанылган, изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга кеткен чыгымдардын агрегацияланган суммасын ачып көрсөтүшү керек.**

127 Изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга кеткен чыгымдар изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар боюнча ишке түздөн-түз тийиштүү бардык чыгымдарды өзүнө камтыйт (126-пунктка ылайык маалыматты ачып көрсөтүү талаптарын аткаруу максатында эсепке киргизилген чыгымдардын типтери боюнча көрсөтмөлөр камтылган 66 жана 67-пункттарды караңыз).

## Башка маалымат

128 Ишкананын төмөнкүдөй маалыматтарды ачып көрсөтүүсү колдоого алынат, бирок талап кылынбайт:

(a) дагы деле эксплуатацияда турган толугу менен амортизацияланган бардык материалдык эмес активдердин сыпаттамасын;

(b) ишкана тарабынан контролдонгон, бирок ушул стандартта белгиленген таануу критерийлерин канааттандырбагандыктан же 1998-жылы чыгарылган *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38 күчүнө киргенге чейин сатып алынгандыктан же жаратылгандыктан, активдер катарында таанылбаган маанилүү материалдык эмес активдердин кыскача сыпаттамасын.

### Өткөөл мезгилдин шарты жана күчүнө кирүү күнү

129 [Алып салынган]

130 Ишкана ушул стандартты төмөнкүдөй учурда колдонушу керек:

(a) бизнести бириктирүүдө сатып алынган, макулдашуу күнү 2004-ж. 31-мартына же бардык кийинки күнгө туура келген материалдык эмес активдерди эсепке алууда;

(b) 2004-ж. 31-мартынан же ушул күндөн кийин башталган биринчи жылдык мезгилдин башынан тартып бардык калган материалдык эмес активдерди эсепке

алууда. Ошол эле учурда ишкана көрсөтүлгөн күндө таанылган материалдык эмес активдердин баланстык наркына оңдоп-түзөө киргизбеши керек. Бирок ишкана ушундай материалдык эмес активдерди пайдалуу кызмат мөөнөтүн кайрадан баалоо үчүн көрсөтүлгөн күнгө ушул стандартты колдонууга тийиш. Эгер ушул кайталап баалоонун натыйжасында ишкана активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн баалоону өзгөртсө, бул өзгөртүү ФОЭС (IAS) 8ге ылайык бухгалтердик баалоодогу өзгөртүү катарында эске алынышы керек.

130A Ишкана 2-пунктта баяндалган түзөтүүлөрдү 2006-ж. 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 6ны алда канча эрте мезгилге колдонсо, анда ал аталган түзөтүүлөрдү ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонушу керек.

130B *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган) бүткүл ФОЭСтерде колдонулуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Андан тышкары ал 85, 86 жана 118(e)(iii) пункттарына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгер ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) алда канча эрте мезгилге колдонсо, анда аталган түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулушу керек.

130C ФОЭС (IFRS) 3 (2008-ж. кайра каралган) 12, 33 - 35, 68, 69, 94 жана 130-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди, 38 жана 129-пункттарды алып салды жана 115А-пунктун кошту. 2009-жылдын апрелинде чыккан *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы менен 36 жана 37-пункттарына түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-июлунан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Натыйжада мурда бизнести бириктирүүдө таанылган материалдык эмес активдерге жана гудвиллге карата суммалар оңдоп-түзөтүлбөйт. Эгер ишкана ФОЭС (IFRS) 1ди (2008-ж. кайра каралган) алда канча эрте мезгилге колдонсо, анда аталган түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулушу керек жана ишкана ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

130D 2008-ж. майында чыккан *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* басылмасы 69, 70 жана 98-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана 69А-пунктун кошууга алып келди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана аталган түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

130E [Алып салынган]

130F 2011-жылдын майында чыккан ФОЭС (IFRS) 10 жана *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11 3(e)-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 10ду жана ФОЭС (IFRS) 11ди колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

130G 2011-жылдын майында чыккан ФОЭС (IFRS) 13 тарабынан 8, 33, 47, 50, 75, 78, 82, 84, 100 жана 124-пункттарына түзөтүүлөр киргизилди жана 39 - 41 жана 130Е-пункттары алып салынды. Ишкана ФОЭС (IFRS) 13тү колдонууда ушул түзөтүүлөрдү колдонууга тийиш.

130H 2013-жылдын декабрында чыккан *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2010 – 2012-жж. аралыгы"* документи 80-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2014-ж. 1-июлунан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгер ишкана аталган түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

130I Ишкана *«ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2010 – 2012-жж. аралыгы"* документи менен киргизилген түзөтүүлөрдү ушул түзөтүүнү алгачкы колдонгон же андан кийинки күндө башталган жылдык мезгилдерде, ошондой эле түздөн-түз өткөн жылдык мезгилде

© ФОЭС Фонду

таанылган бардык кайталап баалоолорго карата колдонушу керек. Ошондой эле ишкана алда канча эрте мезгилдер үчүн берилген отчеттуулукта оңдоп-түзөтүлгөн салыштырмалуу маалыматты берүүгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес. Эгер ишкана алда канча эрте мезгилдер үчүн оңдоп-түзөтүлбөгөн салыштырмалуу маалыматты берсе, ал оңдоп-түзөтүлбөгөн маалыматты так идентификациялоого, ал башка негизде берилгенин көрсөтүүгө жана ушул негизди түшүндүрүүгө тийиш.

130J 2014-жылдын майында чыккан *«Амортизациянын жол берилген методдорун түшүндүрүү* (ФОЭС (IAS) 16га жана ФОЭС (IAS) 38ге түзөтүүлөр)» документи 92 жана 98-пункттарга өзгөртүү киргизди жана 98А - 98С-пункттарын кошту. Ишкана аталган түзөтүүлөрдү 2016-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгер ишкана аталган түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

130K 2014-жылдын майында чыккан *«Сатып алуучулар менен болгон келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15 менен 3, 114 жана 116-пункттарга түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 15ти колдонгондо, ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

130L 2016-жылдын январында чыккан ФОЭС (IFRS) 16 менен 3, 6, 113 жана 114-пункттарга түзөтүүлөр киргизилди. Ишкана ФОЭС (IFRS) 16ны колдонгондо, ушул түзөтүүлөрдү колдонушу керек.

130M *[Ушул пункт күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тийиштүү, ошондуктан ушул басылмага киргизилген жок.]*

### Окшош активдерди алмаштыруу

131 Ушул стандарттын 129 жана 130(b)-пункттарында камтылган талап, эгер активдерди алмаштыруу алмашууга берилген активдин баланстык наркынын негизинде ушул стандарт күчүнө кирген күнгө чейин бааланса, анда ишкана сатып алуу күнүнө карата сатып алынган активдин адилет наркын чагылдыруу максатында ушул активдин баланстык наркын оңдоп-түзөбөй тургандыгын билдирет.

### Мөөнөтүнөн мурда колдонуу

132 130-пункт колдонулган ишканалардын ушул стандарттын талаптарын 130-пунктта көрсөтүлгөн күчүнө кирүү күнүнө чейин колдонуп башташы колдоого алынат. Бирок, эгер ишкана ушул стандартты көрсөтүлгөн күчүнө кирүү күнүнө чейин колдонсо, ал ФОЭС (IFRS) 3тү жана ФОЭС (IAS) 36ны (2004-ж. кайра каралган) бир эле убакта колдонууга милдеттүү.

## ФОЭС (IAS) 38ди (1998-ж. чыгарылган) колдонууну токтотуу

133 Ушул стандарт *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38ди (1998-ж. чыгарылган) алмаштырат.

© ФОЭС Фонду